**Бекитилди**
**“Бакай Банк” ААКтын**
**Башкармасынын**
**2023-жылдын 30-ноябрындагы**
**№60 протоколу менен**

# «БАКАЙ БАНК» ААКтын жеке адамдарды банктык тейлөө шарттары

**Содержание**


1-бап. Терминдер жана аныктамалар ........ 1
2-бап. Жалпы шарттар ........ 3
3-бап. Банктык эсептер ........ 4
3.1. Эсеп ачуунун жалпы тартиби жана шарттары ........ 4
3.2. Кардардын эсебин жана акча каражаттарын тескөө ........ 7
3.3. Талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат эсебинин шарттары ........ 8
3.4. Мөөнөттүү депозиттин шарттары: ........ 8
4-бап. Банктык төлөм карттарды чыгаруу жана тейлөө тартиби ........ 9
5-бап. Аралыктан банктык тейлөө (Интернет/Мобилдик банкинг) ........ 13
6-бап. Жеке банктык сейфти ижарага алуу ........ 18
7-бап. Металл эсептери ........ 20
8-бап. Банктын тарифтери ........ 21
9-бап. Негизги шарттар ........ 21
10-бап. Тараптардын жоопкерчилиги. Талаштарды жөнгө салуу ........ 23
11-бап. Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү жана аны бузуунун тартиби ........ 24


## 1-бап. Терминдер жана аныктамалар

**Ушул документте төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулат:**

**Аутентификация** – бул сунушталган идентификаторду (ПИН-код, логин ж.б.) текшерүү жолу аркылуу адамдын аныктыгын белгилөө (тастыктоо).

**Банк** – «БАКАЙ БАНК» Ачык акционердик коому

**Бенефициардык ээси** - соңку жыйынтыгында (ээлик кылуу жана контролдоо тизмеги аркылуу) түз же кыйыр (үчүнчү жактар аркылуу) менчик укугуна ээлик кылган же кардарды контролдогон жеке жак (жеке жактар) же болбосо өзүнүн атынан же өзүнүн кызыкчылыгы үчүн операция (бүтүм) жүргүзүүчү жеке жак;

**Банктык эсеп/карт эсеп** – бул талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат (депозит) келишими боюнча акча каражаттарын сактоо жана топтоо үчүн, ошондой эле төлөмөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн жеке адам тарабынан колонулуучу эсеп.

**Банктык төлөм карт (карт)** – товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда эсептешүүлөрдү жүргүзүү, улуттук жана чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын алуу, акча которууларды жүргүзүү, ошондой эле терминалдар, банкоматтар же башка түзүлүштөр (перифериялык түзүлүштөр) аркылуу электрондук формада эсептешүү жүргүзүү үчүн, ошону менен бирге эмитентте ачылган жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсебинде жайгаштырылган баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү үчүн колдонулуучу төлөм инструменти.

**Контактсыз карт** – контактсыз терминалга төлөм жөнүндө маалыматты радиоканал боюнча бере турган чип жана антенна менен жабдылган төлөм карт. Соода-тейлөө пункттарында картты түзүлүшкө койгон учурда (эгерде түзүлүш функционалдык колдосо) эсептен чыгаруу Пин-кодду киргизүүсүз, банк тарабынан белгиленген лимиттердин чегинде ишке ашырылат. Лимиттен ашкан учурда Пин-кодду киргизүү же операцияны чипсиз жүргүзүү талап кылынат.

**Виртуалдык карта** – алып жүргөн адамдын катышуусуз электрондук түрдө АБТ аркылуу чыгарылган банктык төлөм карт.

**Верификация** -кардардын жана (же) бенефициардык ээсинин идентификациялык маалыматтарын текшерүү жол-жобосу;

**Аманатчы** – банкка акча каражаттарын салган, же банкка анын атына үчүнчү жактан акча каражаттары келип түшкөн жана тиешелүү банктык аманат (депозит) келишимине ээ болгон адам

**Салуучу** – Аманатчынын аманатын/эсебин толтуруучу жана/же Аманатчынын пайдасына Аманат ачууну ишке ашырган жеке адам.

**Көчүрмө** – белгилүү бир мезгил ичинде эсеп боюнча кыймылды чагылдырган документ

**Карт ээси** – анын атына карт чыгарылган, эмитент менен түзүлгөн келишимдин негизинде картты колдонуу аркылуу операцияларды жүргүзүүгө укуктуу болгон банктын кардары, жеке адам.

**Депозит** (банктык аманат) – жеке адамдар жана юридикалык жактар тарабынан сактоо жана киреше алуу максатында белгилүү бир мөөнөткө же талап кылганга чейин, же түзүлгөн келишимде аныкталган кырдаал (окуя) келгенге (келбегенге) чейинки мөөнөткө жайгаштырылган улуттук же чет өлкө валютасындагы акча каражаттары.

**Аралыктан банктык тейлөө (АБТ)** – банкка келбестен, телекоммуникациялардын ар кандай каналдарын: Банктын өзүн-өзү тейлөө түзүлүшүн, Интернет-банкинг/Мобилдик банкинг ж.б. түзүлүштөрдү пайдалануу аркылуу банктык операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүнүн Кардарларга Банк тарабынан сунушталышы

**Карыз** – Кардардын Келишим жана /же өзүнчө келишим боюнча Банк алдындагы бардык жана кайсы болбосун карыздарын билдирет, Негизги карыздын суммасын, сыйакыны, Банктын комиссиясын жана ушул Шарттар же өзүнчө келишимдерге ылайык Кардардын Банк алдында келип чыгуусу мүмкүн болгон башка карыздарды кош камтыйт жана ушулар менен эле чектелбейт.

**Жеке маалыматтарды топтоого жана иштетүүгө жеке маалыматтардын субъектисинин макулдугу** – мамлекеттик ведомстволордун маалымат булактарынан жеке маалыматтарды алууга жеке адамдын макулдугу.

**Банктык тейлөө жөнүндө арыз-анкета** – жеке адамдын банктык аманат (депозит), металл эсеп ачуу жана тейлөө, банктык төлөм карттарды чыгаруу жана тейлөө, банктык сейфтерди ижарага алуу, банктык кызматтарды сунуштоо, анын ичинде аралыктан сунуштоо (интернет/банкинг жана/же мобилдик банкинг) жана Банктык тейлөө шарттарына кошулуу жөнүндөгү Банк тарабынан белгиленген типтүү форма боюнча тариздελген арызы.

**Идентификация** - кардар жана (же) бенефициардык ээси жөнүндө идентификациялык маалыматтарды белгилөө жол-жобосу;

**Интернет-банкинг, мобилдик банкинг**– Банктын жеке адамдарын Интернет/телефон аркылуу аралыктан банктык тейлөө системасы;

**Кардар** – банктык кызматтарды алуу үчүн тиешелүү укукка жана жөндөмгө ээ болгон, ошондой эле Банк менен Банктык тейлөө келишимин түзгөн жеке адам.

**Жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсеби** – бул баалуу металлдардын жеке белгилерин (куйманын сынамын, өндүрүүчүсүн, сериялык номерин, даярдалган жылын ж.б.) көрсөтпөстөн, аларды грамм түрүндө эсепке алуу үчүн жана ушул Келишимде көрсөтүлгөн операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн Кардарга Банк тарабынан ачылган эсеп.

**Банктын операциялык күнү** – бул Банк тарабынан Кардарлардын акча каражаттарын чегерүү, эсептен чыгаруу, которуу боюнча операциялар жана башка банктык операциялар, бүтүмдөр жүргүзүлгөн убакыт аралыгы.

**Сейф -** жеке банктык сейф.

**Тарап/Тараптар** – Банк жана Кардар.

**Тарифтер** – банктык жана башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн Банк тарабынан алынуучу комиссиялык сый акылардын колдонуудагы өлчөмдөрү.

**Техникалык овердрафт** – Кардар тарабынан Карт-эсептеги акча каражаттарынын калдыгынан жана белгиленген Овердрафттан ашыкча чыгымдалган акча каражаттарынын суммасы. Техникалык овердрафт Келишимде макулдашылган мөөнөттөн

кечиктирилбестен жабылышы керек. Техникалык овердрафттын суммасына Банктын Тарифтерине ылайык пайыз кошуп эсептелинет

**Банктын өзүн-өзү тейлөө түзүлүштөрү** – Банктын банкоматтары жана төлөм терминалдары

**Жеке адам** – бул Кыргыз Республикасынын жараны, чет өлкө жараны же жарандыгы жок адам

**Эквайер** – эквайринг жүргүзүүгө уруксат алган банк, тиешелүү төлөм системаларынын технологияларына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн перифериялык түзүлүштөрү аркылуу авторизациялоо жана транзакция жүргүзүү мүмкүндүгүн камсыздоочу перифериялык түзүлүштөрдүн ээси.

**Электрондук документ (ЭД)** – маалыматтары электрондук форматта берилген документ

**OTP (OneTimePassword) код** - Кардардын АБТ аркылуу жүргүзгөн операциясын тастыктоо максатында Кардарга SMS-билдирүү түрүндө же кардар көрсөткөн электрондук почтага жөнөтүлчү убактылуу корголгон купуя белги. ОТР-код аутентификациянын бир сеансы үчүн гана жарактуу.

**Google Pay –** VISA картасы туташтырылган смартфон аркылуу дүкөндөрдөн, сайттардан же тиркемелерден сатып алууларды төлөөгө мүмкүндүк берүүчү сервис, (NFC функциясы кошулган 4.4. жана андан жогорку версиядагы Android телефондорунда иштейт).

**PUSH-кабарлоолор/SMS-кабарлоолор**– бул Карт/Эсеп боюнча каражаттардын агымы, төлөмдөрдүн коду жөнүндө жана Карт/Эсеп боюнча башка маалыматтарды билирүүчү кабарлоолор, алар жеткирүү каналдары боюнча айырмаланышат: SMS-билдирүү же уюлдук телефондун экранында пайда болуучу кабарлоо

**SMS-билдирүү** – бул Банктын төлөм картынын ээлерине, уюлдук операторлордун абоненттери болуп саналган жеке адамдарга сунушталуучу кызмат көрсөтүү, анын алкагында Банк SMS-билдирүүлөр аркылуу Кардарга анын картын же реквизиттерин пайдалануу менен эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар тууралуу билдирет.

**3D Secure** - бул интернет тармагында карттар боюнча төлөмдөрдүн коопсуздугун камсыздоочу заманбап технология, ал 3D Secure купуя белгисин киргизүү аркылуу карт ээсин кошумча идентификациялоого жана төлөм картты пайдалануу менен Интернетте алдамчылык тобокелдигинин болуусун максималдуу төмөндөтүүгө мүмкүндүк берет.

**Электрондук кол тамга** – бул электрондук формадагы маалымат, ал маалымат башка электрондук формадагы маалыматка бириккен жана (же) аны менен логикалык байланыштуу болгон, ошондой эле маалыматка кол койгон адамды аныктоо үчүн колдонулат.

## 2-бап. Жалпы шарттар

2.1. Ушул "БАКАЙ БАНК" Ачык акционердик коомунун жеке адамдарын банктык тейлөөнүн шарттары (мындан ары – "Банктык тейлөө шарттары") жана талаптагыдай толтурулган, жеке адам тарабынан кол коюлган Банктык тейлөө жөнүндө арыз-анкета (мындан ары – Арыз), жыйынтыгында Кардар менен "БАКАЙ БАНК" ачык акционердик коомунун (мындан ары – Банк) ортосунда түзүлгөн Банктык тейлөө жөнүндө келишим (мындан ары – "Келишим") болуп саналат.

2.2. Келишим төмөнкү ыкмалардын бири аркылуу түзүлүшү мүмкүн:

2.2.1. Кардар Банкка келип келишим түзгөн учур. Мындай учурда Кардар Банктык тейлөө жөнүндө кагаз түрүндөгү арызга кол коет, Арыздын Банк кабыл алгандыгы тууралуу белги коюлган бир нускасы Кардарга берилет жана ушул Келишимдин түзүлгөндүгүн тастыктоочу документ болуп саналат.

2.2.2. Банктын аралыктан банктык тейлөө (АБТ) системасы аркылуу аралыктан келишим түзгөн учур. Мындай учурда Банк ушул Банктык тейлөө шарттарында аныкталган идентификациялоо жана аутентификациялоо каражаттарын колдонуу менен АБТ каналдарын аркылуу Кардардан Банктык тейлөө жөнүндө электрондук формадагы тиешелүү Арызды алган учурдан баштап Келишим түзүлгөн болуп саналат. Кардар ОТР-кодду колдонуу аркылуу Банктык тейлөө жөнүндө арызга кол коюу менен Банктык тейлөө шарттарына кошулгандыгы кагаз түрүндөгү документке кол койгондой эле юридикалык күчкө ээ экендигин тааныйт, кабыл алат жана макул болот. Ушул

Келишимди аралыктан түзгөн учурда Банк Кардарды аралыктан идентификациялоо жүргүзөт, ал эми Кардар Банктын бөлүмүнө келген учурда верификациялоо жүргүзөт.

2.3. Ушул Банктык тейлөө шарттары Кардарга комплекстик банктык тейлөөнү сунуштоо шарттарын жана тартибин аныктайт, ага төмөнкүлөр кирет:

- банктык аманат (депозит) боюнча эсепти ачуу, тейлөө, жабуу;
- банктык төлөм карттарды чыгаруу жана тейлөө;
- банктык сейфтерди ижарага берүү;
- металл эсебин ачуу жана тейлөө;
- Кассалык операцияларды жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, ар кандай валюталардагы которууларды жана төлөмдөрдү жүргүзүү, анын ичинде АБТ каналдары боюнча дагы.

2.4. Кардар ушул Банктык тейлөө шарттарына жана Банкын жол-жоболоруна ылайык идентификациялоодон жана аутентификациялоодон ийгиликтүү өткөн шартта Банк комплекстүү тейлөөнүн алкагында Кардарга Банктын кеңселеринде жана/же аралыктан банктык тейлөө каналдары аркылуу банктык продуктуларды алуу, Банктын www.bakai.kg дареги боюнча жайгашкан сайтында жана/же Банктын кеңселеринде алар тууралуу маалыматтар жайгаштырылган кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу мүмкүндүгүн сунуштайт.

2.5. Ушул Келишимге киргизилбеген банктык кызмат көрсөтүүлөрдү жана продуктуларды сунуштоо Келишим түзүлгөндөн кийин дагы, түзүлгөнгө чейин дагы түзүлүүчү/белгиленүүчү өзүнчө келишимдер, макулдашуулар жана тейлөө эрежелери (шарттары) менен жөнгө салынышы мүмкүн. Ушул Келишимдин жоболорунун ортосунда жана тигил же бул эсептерге, банктык кызмат көрсөтүүлөргө жана продуктуларга тиешелүү болгон келишимдердин, макулдашуулардын жана тейлөө эрежелеринин ортосунда карама-каршылыктар келип чыккан учурда, тиешелүү өзүнчө келишимдер, макулдашуулар жана эрежелер артыкчылыктуу күчкө ээ болуп саналышат, эгерде андан башкасы Келишим тарабынан каралбаган болсо.

2.6. Келишим стандарттык (типтүү) форма болуп саналат жана Кардар тарабынан оңдолууга жатпайт. Банк Келишимге бир тараптуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу, ошону менен бирге Банк КРдин мыйзамдарынын талаптарына ылайык өзгөртүлгөн маалыматтар жөнүндө маалыматты www.bakai.kg Банктын расмий сайтына жана Банктын кеңселериндеги атайын маалыматтык дубалдарда алдын ала жайгаштырат. Кардар Келишимдин өзгөртүүлөрү менен макул эмес болгон учурда Келишимди ушул Банктык тейлөө шарттарынын 12-бапына ылайык бузууга укуктуу, бузар алдында Банкка алдын ала жазуу жүзүндө билдирип, Банк тарабынан белгиленген формадагы Келишимди бузуу жөнүндө арызын берет. Келишимдин жаңы редакциясы күчүнө киргенге чейин Банкка Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз келип түшпөсө, Банк ал кырдаалды Кардар өзгөртүлгөн шарттарга макулдугун берди деп эсептейт.

2.7. Кардар Келишим түзүлгөнгө чейин Банктык тейлөө шарттары менен жана ага тиркелген документтер менен таанышып чыгууга милдеттүү. Банктык тейлөө шарттарынын тексти Банктын кеңселеринде, ошондой эле Банктын www.bakai.kg. расмий сайтында жайгаштырылган

2.8. Кардар Банктык тейлөө жөнүндө арыз-анкетага кол коюу менен Банктык тейлөө шарттарынын бардыгы менен толук таанышып чыккандыгын, аларга кошуларын жана аларды тиешелүү түрдө аткарарын тастыктайт.

2.9. Банктык тейлөө шарттарынын ар датага карата актуалдуу редакциялары электрондук түрдө Банктын расмий сайтынын атайын бөлүмүнө жайгаштырылат, ошондой эле Банктын тиешелүү түзүмдүк бөлүмчөлөрүндө кагаз түрүндө сакталат.

## 3-бап. Банктык эсептер

### 3.1. Эсеп ачуунун жалпы тартиби жана шарттары

3.1.1. Кардар эсеп ачуу үчүн керектүү болгон бардык документтерди алдын ала берген шартта, Кардардын Арызынын негизинде Банк Кардарга банктык эсеп (эсептерди) ачат. Арызда Банктын эсеп ачыл турган бөлүмү, эсептин валютасы, депозит үчүн сыйакынын чени жана башка шарттар көрсөтүлөт.

3.1.2. Эсеп ачуу үчүн, ошондой эле Кардарды, бенефициардык ээсин идентификациялоо жана верификациялоо талаптарын аткаруу үчүн, Кардарды талаптагыдай текшерүү чараларын жүргүзүү үчүн керектүү болгон документтер Кардар тарабынан берилбеген учурда Банк ушул келишимди түзбөө/бузуу же талап кылынган документтер берилгенге чейни Кардардын эсеби боюнча бардык операцияларды токтото туруу укугун өзүндө калтырат.

3.1.3. Эсеп Кардардын Арызында көрсөтүлгөн валютада ачылат. Банк аларга Кардардын пайдасына келип түшкөн улуттук/чет өлкө валютасындагы акча каражаттарын чегерүүгө, КР мыйзамдарына, Банктын ченемдик документтерине жана ушул Келишимге ылайык Кардардын эскепк акча каражаттарын чегерүү же берүү жөнүндөгү тескемелерин аткарып турууга милдеттенет.
3.1.4. Банктын эсеп ачуу жөнүндөгү белгиси коюлган ушул Банктык тейлөө шарттарына кошулуу жөнүндөгү Арыздын нускасы Банктык эсеп жөнүндөгү келишимдин түзүлгөндүгүн тастыктоочу факт болуп эсептелет.
3.1.5. Аралыктан тейлөө каналдары аркылуу эсепти ачуу Келишим тарабынан аныкталган идентификация жана аутентификация каражаттарын колдонуу менен АБТ аркылуу таризделген Кардардын электрондук тескемесинин негизинде ишке ашырылат. Кардардын электрондук тескемеси, Кардардын туура идентификацияланышын жана аутентификацияланышын тастыктоочу Банктын тиешелүү автоматташтырылган системасында операцияларды жүргүзүү протоколу, системада операциянын ишке ашырылышы Кардардын Эсеп ачуу жөнүндөгү ниетин тастыктоочу документ болуп саналат. Эсеп ачуу жөнүндө Арыз жана Банктын тастыктоолору электрондук фомада Банктын маалыматтар базасында сакталат.
3.1.6. Банк эсепти тейлегендиги жана Кардардын тескемелерин аткаргандыгы үчүн колдонуудагы Тарифтерге ылайык комиссия алып турат.
3.1.7. Эсепти тейлөө боюнча чет өлкө валютасындагы чыгымдарды алуу чет өлкө валютасында же операция жүргүзүлгөн күнгө карата КРУБдун эсепке алуу курсу боюнча сом менен алынат.
3.1.8. Кардардын Арызынын негизинде ага ушул Келишимдин аракеттенүү мөөнөтүнүн ичинде жаңы эсептер ачылган учурда анын жоболору жаңы ачылган эсептерге карата дагы алар ачылган учурдан баштап жайылтылат.
3.1.9. Эсеп ачылгандан кийин анын номери Кардарга кагаз түрүндө же аралыктан банктык тейлөө системасы аркылуу билдирилет. Банк керектүү учурда Кардардын эсебине ыйгарылган номерди өзгөртүүгө укуктуу. Ошону менен бирге Банк КР мыйзамдарынын талаптарына ылайык киргизилген өзгөртүүлөр тууралуу маалыматты алдын ала Банктын www.bakai.kg дарегиндеги расмий сайтына, Банктын кеңселеринин маалыматтык дубалдарына жайгаштырат, ошондой эле Кардардын Мобилдик түзүлүшүнө SMS жана/же Push-билдирүүлөрдү жөнөтөт.
3.1.10. Кардар эсептешүү-төлөмдүк документтердин электрондук формаларын, аларда өзүнүн кол тамгасынын, коддорунун, купуя белгилеринин жана Кардар акча каражаттарын тескөөгө укуктуу экендигин тастыктоочу башка каражаттарды колдонуу менен Эсепте жайгаштырылган акча каражаттарын тескөөгө алууга укуктуу.
3.1.11. Кардар жүргүзүлүүчү операцияларга (эсептен чыгаруу, кайтаруу ж.б.), ошондой эле Эсептеги каражаттардын калдыгына талаптагыдай контроль жүргүзүп турууга милдеттүү.
3.1.12. Банк Эсеп боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, банктык эрежелер жана эл аралык банк тажрыйбасында колдонулуучу иштиктүү жүгүртүүнүн салттары тарабынан каралган операцияларды жүргүзөт.
3.1.13. Банк Кардардын эсеби боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн өз каалоосу боюнча башка банктарды жана/же финансылык-кредиттик уюмдарды, жана/же төлөм уюмдарын, жана/же төлөм системаларынын операторлорун тартууга укуктуу.
3.1.14. Кардардын пайдасына келип түшкөн чет өлкө валютасындагы каражаттарды чегерүү Банк тарабынан Банктын тиешелүү банк-корреспонденттеги эсеби боюнча көчүрмө алынган күндөн кийинки банктык күнү ишке ашырылат.
3.1.15. Кардардын эсебине акча каражаттарын чегерүү үчүн негиз болуп саналышкан документтерде толук эмес, бурмаланган, так эмес же карама-каршы маалыматтар камтылса, же андай документтер жок болсо, Банк келип түшкөн сумманы зарыл маалыматтарды камтыган документ алынганга чейин Кардардын эсебине чегерүүнү токтото турууга укуктуу. Мындай учурларда Банк тарабынан иликтөөлөрдү жүргүзүү тартиби Банктын белгиленген эрежелери менен аныкталат. Документте Кардарды толук идентификациялоо үчүн керектүү болгон маалымат жок болсо же туура эмес маалымат орун алган болсо, Банк сумманы жөнөтүүчүгө кайтарууга укуктуу.
3.1.16. Банк Кардардын эсеби боюнча жүргүзүлүүчү операциялар менен байланыштуу болгон документтерди (анын ичинде келишимдерди, контракттарды, эсеп-фактураларды) Кардардан кошумча суроого, ошондой эле Кардар АКШнын салык төлөөчүсү болуп саналса, АКШнын Салык кызматынын отчеттук формаларын жана башка документтерди суроого укуктуу. Кардар суралган документтерди берүүдөн баш тартса, Банк операцияны жүргүзүүдөн баш тартууга жана ушул келишимди бир тараптуу бузууга жана Кардардын Эсебин жабууга укуктуу.

3.1.17. Кардар АКШнын салык төлөөчүсү болуп саналса, ушуну менен АКШнын Салык кызматына Кардар/анын операциялары боюнча маалыматтарды жана отчетторду берип туруу боюнча, ошондой эле “Чет элдик эсептерге салык салуу жөнүндө” АКШнын мыйзамынын башка талаптарын аткаруу боюнча Банкка ыйгарым укук берет.

3.1.18. Кардардын эсептериндеги акча каражаттары менен болгон операциялар анын тескемесинин негизинде, ушул келишим тарабынан каралган шарттарда ишке ашырылат. Кардардын Эсептеринен акча каражаттарын Кардардын тескемеси жок эсептен чыгаруу ушул Келишим тарабынан каралган учурларда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан каралган учурларда ишке ашырылат.

3.1.19. Кардардын Эсептерден акча каражаттарын чыгаруу жөнүндөгү тескемеси Банкка белгиленген формадагы төлөм тапшырмасын, которууга билдирме, конвертациялоого билдирме ж.б. берүү аркылуу берилиши мүмкүн. Банкка Кардардын тескемеси ушул келишим тарабынан каралган тартипте электрондук байланыш жана/же АБТ каналдарын пайдалануу аркылуу берилиши мүмкүн.

3.1.20. Эгерде Кардардын тапшырыгында бир же бир нече реквизиттер жок болсо же так жазылбаган болсо, туура эмес реквизит көрсөтүлгөн болсо, тапшырыкка кол коюлбаган же Эсепти тескөөгө алууга укугу жок адам тарабынан кол коюлган болсо, тапшырык эсептеги калдыктан ашык суммага жазылган болсо, Кардардын эсеби боюнча овердрафт (эсепти кредиттөө) белгиленбеген болсо, банктык кызматтарды көрсөткөндүгү үчүн Кардардын тапшырыгын аткаруу учуруна чейин төлөнүүгө жаткан банктын комиссиясын төлөө үчүн эсепте каражаттар жетишсиз болсо, ошондой эле эсепке мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар тарабынан арест коюлган учурда Банк Кардардын тапшырыгын аткаруудан баш тартууга укуктуу

3.1.21. Акча каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча операциялар Эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде жүргүзүлөт. Эгерде Банк тарабынан Эсеп боюнча овердрафт белгиленген болсо, Банк Кардардын төлөм документтерин Эсепте каражаттар жетишсиз же жок болгон учурда дагы аткарат, бирок Банк тарабынан белгиленген лимиттин чегинде аткарат.

3.1.22. Банк Кардардын улуттук/чет өлкө валютасындагы төлөмдөр боюнча Кардардын тапшырыктарын Банк тарабынан белгиленген операциялык сааттарда кабыл алат. Жумуш убактысынын жана операциялык күндүн узактыгы Банк тарабынан белгиленет жана Банктын www.bakai.kg дарегиндеги расмий сайтына, Банктын кеңселеринин маалыматтык дубалдарына жайгаштыруу аркылуу Кардарга билдирилет.

3.1.23. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана КРУБдун 2011-жылдын 13-октябрындагы № 631/35/10 биргелешкен токтому менен бекитилген *Кыргыз Ресубликасында нак эсептешүүдө 50 тыйынга чейинки тыйындык калдыкты тегеректөө тартибине* ылайык, эсептер бюонча нак эсептешүүлөр сумманы төмөнкү тартипте тегректөө менен жүргүзүлөт:

- эгер тыйындык калдыктын суммасы 1ден 24кө чейин тыйынды түзсө, анда тыйындык калдыктын чоңдугу нөлгө айланат;
- эгер тыйындык калдыктын суммасы 25тен 49га чейин тыйынды түзсө, анда тыйындык калдыктын чоңдугу 50 тыйынга чейин тегеректелет;
- эгер тыйындык калдыктын суммасы 50дөн 74кө чейин тыйынды түзсө, анда тыйындык калдыктын чоңдугу 50 тыйынга чейин тегеректелет;
- эгер тыйындык калдыктын суммасы 75тен 99га чейин тыйынды түзсө, анда тыйындык калдыктын чоңдугу 1 сомго чейин тегеректелет.

Ошону менен бирге тегеректелген суммалар тиешелүү түрдө Банктын кирешелерине же чыгымдарына чегерилет. Нак эмес эсептешүүлөр тыйындык калдыкты тегеректөөсүз жүргүзүлөт

3.1.24. Банк алуучунун реквизиттери (анын ичинде алуучунун банкынын реквизиттери) туура эмес көрсөтүлгөндүктөн акча каражаттарынын кечиккендигине же жоголгондугуна байланыштуу келип чыгуучу кесепеттер үчүн жоопкерчилик тартпайт.

3.1.25. Кардардын эсебинде бардык эсептешүү документтерин төлөө үчүн каражаттар жетишсиз болгон учурда Банк төлөмдөрдү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленгендей кезекте жүргүзөт.

3.1.26. Банк белгилеген кассалык лимиттен ашык болгон акча каражаттарын берүүнү Банк Кардар кайрылган күндүн эртеси бир операциялык күндүн ичинде жүргүзөт.

3.1.27. Төмөнкү учурларда Кардардын тескемеси жок жана макулдугусуз анын эсебинен төмөнкү каражаттар чыгарылат:

– Банктын көрсөткөн кызматы үчүн төлөмдөрдүн жана комиссиялардын суммасы (ошону менен бирге Кардардын Банкта ачылган кайсы болбосун эсебинен кайсы болбосун валютадагы акча каражаттары эсептен чыгарылат);

- Кардарга кызмат көрсөтүүдө Банк тарткан почталык жана башка чыгымдардын суммасы;
- чет өлкө валютасында жүргүзүлгөн бүтүмдөр боюнча төлөнүүчү суммалар;
- катачылык менен чегерилген акча каражаттарынын суммасы;
- Кардардын Банк алдындагы милдеттенмелери боюнча карызынын суммасы;
- Кардардан аткаруу документтери боюнча өндүрүлүүчү акча каражаттарынын суммасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган башка учурларда.

3.1.28. Банк Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кардарга анын эсептери боюнча банктык сырдын сакталышына кепилдик берет. Кардардын операциялары жана эсептери боюнча маалыматтарды үчүнчү жактарга берүү, ошондой эле эсеп боюнча операцияларды токтотуу (ушул Келишим тарабынан каралган учурлардан тышкары) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тарипте гана ишке ашырылат. Банк Кардар жана анын операциялары тууралуу маалыматтарды Кардардын операцияларын жүргүзүүгө катышышкан Банк-корреспонденттердин сурамдары боюнча, анын ичинд Банк-эквайерлерге Кардардын кошумча макулдугун алуусуз берүүгө укуктуу.

3.1.29. Банк менен банктык жабдууну (терминалдарды, банкоматтарды ж.б.) жана уюлдук байланыш каражаттарын (уюлдук телефон аппараттарын) колдонуу аркылуу банктык операцияларды жүргүзүү, Кардар ошондой жабдууну жана түзүлүштөрдү колдонуу менен тигил же бул операция/бүтүм боюнча Банктын шарттары менен макул экендигинин тастыктоосу болуп Кардардын Банк менен ошондой операция/бүтүм боюнча келишимдик мамилелерди түзүүсү (тиешелүү келишим түзүүсү) жана системада көрсөтүлгөн шарттардын акцепти эсептелет.

3.1.30. Банк Кыргыз Республикасынын “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат жана гарантиялык учур келип чыкканда Кыргыз Республикасынын депозитерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан Кардарга (аманатчыга) жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык, мыйзамда каралган тартипте, шарттарда жана өлчөмдө компенсация төлөнүшүнө кепилдик берет.

3.1.31. Келишимдин аракети Келишим түзүлгөнгө чейинки дагы түзүлгөндөн кийинки дагы карттарга, талап боюнча төлөнүүчү аманаттарга, жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсептерине, жеке банктык сейфти ажарага берүү кызматтарына жана Келишимде каралган, Кардарага Келишимдин алкагында ачылуучу/сунушталуучу башка продуктуларга карата жайылтылат.

3.1.32. Эсепти жабуу Кардардын Арызынын негизинде же КР мыйзамдарында жана ушул Келишимде каралган тартипте жүргүзүлөт.

### 3.2. Кардардын эсебин жана акча каражаттарын тескөө

3.2.1. Эсеп боюнча бардык операциялар Кардардын тескемеси аркылуу аткарылат, эгерде ушул Келишимде же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында андан башкасы каралбаган болсо.

3.2.2. Эгерде Кардар (ата-энеси же мыйзамдуу өкүлү, же үчүнчү жак) өспүрүмдүн пайдасына эсеп ачкан болсо, өспүрүмдүн атына салынган банктык аманатты (депозитти) төмөнкүлөр тейлешет:

- өспүрүм 14 жашка чейин толгончо – ата-энеси же мыйзамдуу өкүлдөрү;
- өспүрүм 14 жашка толгондо – өспүрүм өзү.

3.2.3. Кардар үчүнчү жакка тиешелүү түрдө нотариалдык тастыктоодон өткөн ишеним кат берүү аркылуу ошол үчүнчү жакка өзүнүн эсебин тескөө жана башка операцияларды жүргүзүү укугун бере алат. Кардар ошондой ыйгарым укуктарды үчүнчү жактарга берген учурда Кардар/ишенимдүү адам Банкка эсепти тейлөөгө жана/же башка операцияларды жүргүзүүгө укук берген, нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн ишеним катты Банкка бериши керек. Ишеним каттын аныктыгы боюнча шектенүүлөр жаралган учурда Банк Кардардын эсеби боюнча операцияларды жүргүзүүдөн баш тартуу укугун өзүндө калтырат.

3.2.4. Банктын операцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн пайдалануу боюнча ушул Келишимде белгиленген бардык талаптар Кардардын ишенимдүү адамына карата дагы жайылтылат.

3.2.5. Ишенимдүү адамдын банкты тескөөгө алуу боюнча ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтогон учурда Кардар токтоосуз түрдө Банкка жазуу жүзүндө билдирүүгө жана ишеним каттын жокко чыгарылгандыгын тастыктоочу документтин түп нускасын берүүгө милдеттүү. Кардар ыйгарым укуктардын мөөнөтүнөн мурда токтотулгандыгы жөнүндө Банкка билдирбеген же өз учурунда билдирбеген учурда эсепте ишеним кат боюнча жүгүзүлгөн операциялар үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт.

### 3.3. Талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат эсебинин шарттары

3.3.1. Жеке адамдын талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат эсеби (мындан ары – Эсеп) Кардардын Арызынын негизинде ачылат жана ишкердик жана/же башка ошондой ишмердик менен байланышкан банктык операцияларды жүргүзүү үчүн арналган эмес

3.3.2. Банк Кардардан кандай болбосун акча каражаттарынын суммасын кабыл алат жана аларды талап боюнча төлөнүүчү аманат Эсебине киргизет. Аманаттын суммасы Кардардын биринчи талабы боюнча толук же жарым-жартылай берилет.

3.3.3. Эсепке Кардардын жеке акча каражаттарынан тышкары төмөнкүлөр киргизилиши мүмкүн (которуу жолу менен): эмгек акы, автордук гонроарлар, пенсиялар, алименттер, социалдык жөлөк пулдар, мурастоо менен байланышкан төлөмдөр, Кардардын башка банктык эсебиндеги каражаттар, Кардардын ишкердиги жана/же ошого окшогон ишмердиги менен байланышпаган башка каражаттар жана төлөмдөр.

3.3.4. Кардар Эсептен жеке мүнөздөгү төлөмдөрдү, жеке максатта сатылып алынган товарлар үчүн төлөмдөрдү, коммуналдык кызматтарды жана ошого окшогон жеке мүнөздөгү, Кардардын ишкердиги жана/же ошого окшогон ишмердиги менен байланышпаган төлөмдөрдү жүргүзө алат.

3.3.5. Эсеп боюнча пайыздарды кошуп эсептөө жүргүзүлбөйт, эгерде Тараптар ортосунда түзүлгөн өзүнчө макулдашуулар аркылуу андан башкасы каралган эмес болсо.

3.3.6. Эсеп боюнча операциялар аманаттын валютасында жүргүзүлөт.

3.3.7. Төмөнкү учурларда Банк Эсепти бир тараптуу жаба алат:

- Клиента Эсепте 12 (он эки) айдан ашык акча каражаттары болбогон жана/же Эсепте эч кандай жүгүртүүлөр болбогон учурда (Кардардын тапшырыгы (тескемеси) боюнча акча каражаттарынын келип түшүүсү же эсептен чыгарылышы болбогон учурда), Кардарга эсеп жабылганга чейин 1 (бир) календарлык ай мурда жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү менен. Билдирүүнү Банк Кардардын акыркы белгилүү болгон дарегине жөнөтөт.
- Кардарды жана бенефициардык ээсин идентификациялоо жана верификациялоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн, ошондой эле Кардарды, эсеп боюнча операциялардын жүргүзүлүшүн талаптагыдай текшерүү чараларын ишке ашыруу үчүн керектүү документтер Кардар тарабынан берилбеген учурда;

3.3.8. Кардардын Эсеби жабылган учурда ушул Келишимдин шарттарына ылайык, Эсептеги акча каражаттардын калдыгы Кардарга берилет же анын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсү боюнча 5 (беш) жумуш күндөн кечиктирилбестен башка эсепке которулат (ушул Келишимдин 3.3.9. пунктунда каралган учурдан тышкары)

3.3.9. Эсеп ушул Келишимдин 3.3.8. пунктуна ылайык жабылган учурда Банк Кардардын акыркы белгилүү дарегине билдирүү жөнөтүү аркылуу жана/же Кардардын мобилдик телефонуна/электрондук почтасына билдирүү жөнөтүү аркылуу акча каражаттырынын калдыгын алып кетүү керектигин билдирет. Кардар жок болсо жана/же мобилдик/электрондук билдирүүнү алгандыгы жөнүндө тастыктоо жок болгон учурда акча каражаттарынын калдыгы Банктын атайын эсебинде (балансында) сакталат.

3.3.10. Банктын сайтына жана/же операциялык залга маалыматты жайгаштыруу менен Кардарга андан башкасы билдирилбеген болсо, Кардар ушул Келишимдин 3.3.4. пунктунда көрсөтүлгөндөн тышкары башка операцияларды жүргүзүүгө укугу жок.

### 3.4. Мөөнөттүү депозиттин шарттары:

3.4.1. Банк тиешелүү Арыздын негизинде Кардарга мөөнөттүү депозит ачууга, Кардардан акча каражаттарын (депозит) кабыл алууга, депозиттин суммасын кайтарууга жана ушул Келишим жана тиешелүү Арызда каралган тартипте пайыздарды төлөөгө милдеттенет.

3.4.2. АБТ аркылуу (техникалык ишке ашыруу учурунда) Аманаттын кээ бир түрлөрүн ачуу Кардардын АБТ аркылуу таризделген аманат ачуу жөнүндө электрондук тескемесинин негизинде, Кардарды идентификациялоонун жана аутентификациялоонун Келишим тарабынан аныкталган каражаттарын колдонуу аркылуу ишке ашырылат. АБТда Аманат ачууга тескеме, Банктын тиешелүү автоматташтырылган системасында Кардардын туура идентификациялангандыгын жана аутентификациялангандыгын тастыктоочу Аманатты ачуу боюнча операцияларды жүргүзүү протоколу, АБТда операциянын жүргүзүлүшү Кардардын Банк менен Келишим түзүү ниетинин тастыктоосу болуп саналат.

3.4.3. Макулдашылган шарттарда акча каражаттарынын мөөнөттүү депозит эсебине келип түшүүсү акча каражаттарынын аманатка жайгаштырылгандыгынын тастыктоосу болуп саналат.

3.4.4. Депозиттин суммасына пайыздарды кошуп эсептөө Кардарга депозит ачылган күнү кодонулуучу пайыздык ченге ылайык, депозиттин ошол түрүнө кошуп эсептөө усулуна жараша

жүргүзүлөт. Депозит боюнча пайыздык чен мөөнөттүү депозит келишими аяктаганга чейин өзгөрүүсүз калат.

3.4.5. Банк Депозитти анын мөөнөтү аяктагандан кийин кайтарат. Депозитти кайтаруу күнү дем алуу же майрам күндөрүнө туш келсе, пайыздарды төлөө андан кийинки жумуш күнү жүргүзүлөт.

3.4.6. Банк Депозитти анын мөөнөтү аяктагандан кийин кайтарат. Депозитти кайтаруу күнү дем алуу же майрам күндөрүнө туш келсе, пайыздарды төлөө андан кийинки жумуш күнү жүргүзүлөт.

3.4.7. Пайыздарды төлөө белгиленген датада ай сайын же депозиттин аракеттенүү мөөнөтү аяктаганда жүргүзүлөт, эгерде андан башкасы депозиттин жекече шарттары менен каралбаган болсо. Пайыздарды төлөө күнү дем алуу же майрам күндөрүнө туш келсе, пайыздарды төлөө андан кийинки жумуш күнү жүргүзүлөт.

3.4.8. Депозиттердин түрлөрү, шарттары, пайыздык чендери жана жылдык натыйжалуу ченинин өлчөмү жөнүндө маалыматтар Банктын www.bakai.kg дарегиндеги расмий сайтына, Банктын бардык кеңселерине жайгаштырылат. Жылдык натыйжалуу пайыздык чен мөөнөттүү депозит боюнча сыйакыны эсептөөдө колдонулбайт жана маалымдама түрүндө жүргүзүлөт.

3.4.9. Кардар депозиттин мөөнөтү аяктагандан кийин келбесе, ошондой эле Депозиттин жана кошулуп эсептелген пайыздардын суммасын талап кылбаса, акча каражаттары Кардардын талап боюнча берилчү банктык аманат эсебине которулат (эгерде Депозиттин атайын шарттары аркылуу андан башкасы аныкталган эмес болсо).

3.4.10. Кардар Банкка жазуу жүзүндө кабарлоо менен депозиттин суммсын жана депозиттин шарттарына ылайык кошуп эсептелген пайыздарды мөөнөтүнөн мурда алууга укуктуу. Депозит мөөнөтүнөн мурда алынган учурда пайыздарды кайра эсептөө депозиттин шарттарына ылайык жүгүзүлөт.

3.4.11. Эгерде Банк тарабынан Кардарга пайыздар ай сайын төлөнгөн болсо, анда ашыкча төлөнгөн пайыздар депозиттин негизги суммасынан кармалып калууга жатат.

3.4.12. Ушул Келишимдин алкагында салынган депозит Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген өлчөмдөрдө, тартипте жана шарттарда камсыздандырылган.

3.4.13. Мөөнөттүү депозит боюнча эсепти ачуунун башка олуттуу шарттары Кардардын тиешелүү Арызында көрсөтүлөт.

## 4-бап. Банктык төлөм карттарды чыгаруу жана тейлөө тартиби

4.1. Кардардын (бул бапта- Карт ээси) карты боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн талап боюнча берилчү банктык депозит (мындан ары – Карт-эсеп) ачылат, анын шарттары Банктык тейлөө келишиминин 3-бапында баяндалган.

4.2. Кардар карт-эсеп ачылганга чейин Тарифтер, конвертациялоо схемасы жана Банктык төлөм карттарды колдонуу эрежелери менен таанышып чыгууга милдеттүү. Алар ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат жана Банктын www.bakai.kg. расмий сайтында жайгаштырылган.

4.3. Банк Кардардын Арызы боюнча ага ушул Банктык тейлөө шарттарына ылайык карттык операцияларды жүргүзүүсү үчүн акы төлөөчүлүк негизде банктык төлөм карт (мындан ары “карт”) чыгарат. Төлөнчү акынын өлчөмү Банктын Тарифтеринде көрсөтүлгөн.

4.4. Картаны Банк физикалык түрдөгү алып жүрүүчүдө дагы, ошондой эле АБТ аркылуу виртуалдык түрдө дагы (виртуалдык карт) чыгарат.

4.5. Виртуалдык карт физикалык түрдөгү алып жүрүүчүсү жок АБТ аркылуу 3 жылдык мөөнөткө чыгарылат. Карттын номери жана CVV код сыяктанган маалыматтары карт ээсин SMS-билдирүү аркылуу жөнөтүлөт, калган маалыматтар АБТ системасында сакталат.

4.6. Виртуалдык карттар нак эмес төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү үчүн, ошондой эле банкоматтардан нак акча каражаттарын чыгаруу үчүн арналган. VISA виртуалдык картасын Google Pay тиркемесине кошуп, соода түйүндөрүндө NFC функциясы бар смартфон/smart сааттардын жардамы менен контактсыз төлөө жүргүзсө жана NFC колдоосу бар түзүлүштөрдөн акча каражаттарын контактсыз чыгарса болот. Ал үчүн жаңы виртуалдык карта боюнча PIN-код ыйгаруу керек.

4.7. Карт Банктын менчиги болуп саналат, ал карт Ээсине пайдаланууга берилет жана Карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктагандан кийин же Кардардын банктык эсеби жабылгандан кийин ал Банк тарабынан алынууга жатат.

4.8. PIN-код АБТ аркылуу карт ээсинин өзү тарабынан же карт ээсинин сурамы боюнча Банк тарабынан PIN-конвертте берилиши мүмкүн. PIN-код АБТ аркылуу берилген учурда PIN-кодду активдештирүү үчүн биринчи операцияны белгиленген PIN-кодду киргизүү менен банкоматта жүргүзүү керек. Кийин Кардар PIN-кодду АБТ каналдары аркылуу өзгөртүүгө укуктуу.

4.9. NFC VISA жана ЭЛКАРТ карталары контактсыз колдонуу режими менен чыгарылат жана ал Кардардын каалоосу боюнча өчүрүлүшү мүмкүн эмес.

4.10. Банкка Карт ээсинин пайдасына келип түшкөн акча каражаттары Банк бардык керектүү документтерди алган күндүн эртеси күндөн кечиктирбестен анын Карт-эсебине которулат.

4.11. Банк «SMS-билдирүү» кызмат үчүн ай сайын Карт ээсинин Карт-эсебинен акча каражаттарын эсептен чыгаруу аркылуу Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык акцептсиз тартипте комиссия алынып турат. Карт ээсинин Карт-эсебинде акча каражаттары жок же жетишсиз болгон учурда Банк бул кызмат көрсөтүүнү токтотууга укуктуу. Кызмат көрсөтүү Кардардын Банкка берилген же АБТ каналдары аркылуу берилген Арызы боюнча сунушталат.

4.12. Карттарды 3D Secure технологиясына кошуу автоматтык режимде жүрөт. Кардар банкка уюлдук телефонунун номерин туура эмес билдирген болсо, кызмат көрсөтүү кошулбайт.

4.13. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, Картты үчүнчү жактардын колдонуусуна жол берилбейт, андай болгон учурда Банк Келишимди бир тараптуу бузууга жана картты алып коюуга/тосмолоого укуктуу. Ошону менен бирге операцияны жүргүзүүдөгү бардык тобокелдиктерди эсептин Ээси алат.

**4.14.** ***Банк төмөнкүлөргө укуктуу:***

4.14.1. Карт ээсинин жазуу жүзүндөгү кайрылуусу боюнча идентификациялоо жол-жобосу жүргүзүлгөндөн кийин Картты тосмолоого жана тосмодон чыгарууга.

4.14.2. Коопсуздук максатында жана үчүнчү жактар тарабынан уруксатсыз операциялардын жүргүзүлүш тобокелдиктерин азайтуу максатында Карт боюнча чектөөлөрдү жана лимиттерди өзү каалагандай белгилөөгө.

4.14.3. Төмөнкү учурларда Картты тейлөөнү токтотууга, тосмолоого же алып коюуга:

1) Карт ээси ушул Келишим тарабынан каралган милдеттенмелерин аткарбаган учурда;
2) банктык төлөм карттарын пайдалануу эрежелери бузулган учурда;
3) Банк тарабынан сурам кылынган документтер берилбеген учурда;
4) туура эмес документтер берилген учурда;
5) Кардар тарабынан карт боюнча күмөндүү, алдамчылык же адаттан тышкаркы аракеттер жүргүзүлгөндүгү тууралуу шектенүүлөр жаралган учурда;
6) ушул Келишим бузулган учурда;
7) Карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктаган учурда;
8) Төлөм системасынын эрежелеринин жана Кыргыз Республикасынын талаптарына ылайык башка учурларда.

4.14.4. Төмөнкү учурларда бардык эсептерден/карт-эсептерден акцептсиз тартипте акча каражаттарын чыгарууга:

1) карт-эсепке катачылык менен чегерилген каражаттар;
2) көрсөтүлгөн банктык кызмат үчүн Банктын Тарифтерине ылайык комиссиялар;
3) берилген кердитти жана кошулуп эсептелген пайыздарды, ошондой эле эсеп боюнча техникалык овердрафтты жабуу үчүн каражаттар;
4) банкоматтан ашыкча берилген акча каражаттар;
5) Карт-ээсинин доомattарын тастыктоочу документтерди алуу үчүн Банктын чыгымдарынын анык суммасы;
6) банк-эквайер тарабынан коюлган финансылык доомattарды карап чыгуу үчүн комиссия;
7) эл аралык төлөм системаларынын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн комиссия.

4.14.5. Банкоматта ашыкча чыгуулар жок болгон учурда Карт ээсинин банкоматтан акча каражаттарын алуу учурунда сумманын кем болгондугу тууралуу доомattарын канааттандыруудан баш тартууга.

4.14.6. Карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктаганда, картанын техникалык жана башка мүнөздөлүштөрү өзгөргөндө, төлөм системасы талап кылганда же Банк өзү аныктаган, карттын кайра чыгарылышын талап кылган учурлар жаралганда Карт ээсинин Арызы жок эле картаны кайра чыгарууга. Банк ал тууралуу Карт ээсине АБТ каналдары аркылуу же башка жеткиликтүү болгон байланыш каналдары аркылуу билдирет. Карт ээсинин талабы боюнча Картты кайра чыгаруу же алмаштыруу Карт ээсинин Банкка алып келген же электрондук байланыш каналдары, же АБТ каналдары аркылуу сканерленген Арызынын негизинде ишке ашырылат.

4.14.7. Кардар Картын жоготкон/уурдаткан учурда аны тосмолоо жөнүндө билдирүү менен Банкка өз учурунда/талаптагыдай кайрылбаган болсо, Кардардын доомattарын канааттандыруудан баш тартууга.

4.14.8. Эгерде Кардар Арызында өзүнүн уюлдук телефонунун номерин туура эмес көрсөткөн болсо же такыр көрсөткөн эмес болсо, же ошол кызмат көрсөтүүнү төлөө үчүн Кардардын каражаттары жетшсиз болсо, «SMS-кабарлоо» кызмат көрсөтүүсүн сунуштабоого.

4.14.9. Техникалык овердрафт келип чыккан учурда Картты тосмолоого. Банк техникалык овердрафт келип чыккандыгы, Карт ээси Банк алдында жаралган карызын 5 (беш) жумуш күндүн ичсинде жабуусу керектиги жөнүндө Карт ээсине кабарлайт.

4.14.10. Арыз берилген күндөн тартып 6 (алты) календардык айдан ашык мезгил бою Кардар Картты алуу үчүн Банкка келбеген учурда Картты жокко чыгарууга жана Кардар Картты тейлөө үчүн төлөгөн комиссияны ага кайтарбоого.

4.14.11. Карттык операция жасалгандан 45 (кырк беш) календардык күн өткөндөн кийин ал боюнча дооматтарды кароого алуудан баш тартууга;

4.14.12. Карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктагандан кийин жана акыркы 12 (он эки) ай ичинде карт боюнча операциялар жүргүзүлбөгөндүгү аныкталган учурда карт-эсепти төмөнкү шарттар менен жабууга;

- карт-эсепте 100 сомдон аз (же ошонун эквивалентиндеги) акча каражаттарынын калдыгы болгон учурда ал акча каражаттары Банктын кирешесине чегерилет;
- Карт-эсепте 100 сомдон ашык (же ошонун эквивалентиндеги) акча каражаттарынын калдыгы, ошондой эле азайтылбаган калдык бар болгон учурда ал акча каражаттары кийин Карт ээсинин арызы боюнча ага кайтарып берүү максатында Банктын милдеттенмелерине чегерилет.

**4.15.** ***Карт ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:***

4.15.1. Банктык төлөм карттарды колдонуу эрежелерин жана ушул Келишимдин шарттарын сактоого.

4.15.2. Карт-эсептин абалын ар дайым контролдоп турууга, картты колдонуу менен операцияларды карт-эсептеги акча каражаттарынын калдыгынын чегинде жүргүзүүгө. Техникалык овердрафт келип чыкканда беш жумуш күнүн ичинде ал карыздын суммасын жабууга.

4.15.3. Банктын сурамы боюнча бардык керектүү документтерди берип турууга;

4.15.4. Өзү же үчүнчү жак тарабынан картты колдонуу менен же карттын электрондук маалыматтарын киргизүү аркылуу жүргүзүлгөн бардык карттык операцияларды, ошондой эле Контактсыз карт аркылуу жүргүзүлгөн операцияларды анык деп таанууга.

4.15.5. Өзүнүн Авторизациялоо параметрлерин- Коддук сөздүн, ПИН-коддун, уюлдук телефон номеринин (идентификатор, купуя белги) карттын номеринин, CVV коддун сакталышын жана бүтүндүгүн сактоого. Карт тууралуу жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтардын купуялуулугу жоголгон учурда картты АБТ аркылуу тосмолоого же Банкка кайрылууга. Карт боюнча жүргүзүлгөн бардык операциялар Карт ээси тарабынан жүргүзүлгөн болуп саналат, ошондуктан Авторизациялоо параметрлериинин купуялуулугу жоголгондугуна байланыштуу келип чыгуучу бардык чыгымдарды жана чыгашаларды Кардар өзү тартат жана Банктан алардын ордун толтурууну талап кылууга укугу жок.

4.15.6. Карт уурдалган, жоголгон же уруксатсыз колдонулган учурда ал тууралуу Банкка же Банктар аралык процессинг борборуна (мындан ары – БПБ) токтоосуз түрдө билдирүүгө

4.15.7. Банкка/БПБга карт жоголгондугу же картты АБТ аркылуу тосмолоо жүргүзүлгөндүгү жөнүндө билдирүү келгенге чейин ошол Карт үчүнчү жактар тарабынан колдонулуп жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн жоопкерчилик алууга.

4.15.8. Эгерде Карт ээсинин күнөөсү жана/же демилгеси менен Картты алып коюу, тосмолоо, Стоп-баракчага киргизүү орун алса, Банкка андай аракеттерди жасагандыгы үчүн бардык чыгымдардын ордун милдеттүү түрдө толтурууга;

4.15.9. Карт-эсепке катачылык менен чегерилген же банкомат тарабынан Кардарга катачылык менен берилген акча каражаттарын Банкка кайтарууга.

4.15.10. Негизги/Кошумча картты колдонуу менен карттык операциялар боюнча азайбас калдыкты эсептен чыгарган учурда 5 (беш) банктык күндүн ичинде Азайтылбаган калдыктын Тарифтерге ылайык белгиленген керектүү суммасын толуктоого.

**4.16.** ***Карт ээси төмөнкүлөргө укуктуу:***

4.16.1. Банктын өзүнө же АБТ каналдары аркылуу кайрылуу менен карт эсеп боюнча талап кылынган мөөнөт үчүн көчүрмө алууга.

4.16.2. Карттын аракеттенүү мөөнөтү аяктагандан кийин же башка негиздер боюнча Картты кайра чыгаруу жөнүндө Арызы менен Банкка кайрылууга.

4.16.3. Банкка жазуу жүзүндө же АБТ кандалдары аркылуу кайрылуу аркылуу «SMS-кабарлоо» кызматын алып салууга.

4.16.4. Арыздын негизинде Кошумча карт/карттар үчүн Банк белгилеген лимиттердин чегинде акча каражаттарынын Лимитин белгилөөгө/өзгөртүүгө

4.16.5. Эрежелерде жана ушул келишимде каралган тартипте картты (негизги же кошумча) тосмолоо же тосмодон чыгаруу талабы менен оозеки же жазуу жүзүндө Банкка кайрылууга.

4.16.6. Карт боюнча операция жүргүзүлгөн күндөн баштап 45 (кырк беш) күндүн ичинде операциялар боюнча дооматтар менен Банкка кайрылууга. Андай болбогон учурда операция тастыкталган болуп саналат жана андан кийинки дооматтар Банк тарабынан кабыл алынбайт. Ошону менен бирге эгерде мүмкүнчүлүк бар болсо, Банк акча каражаттарын кайтаруу үчүн же иликтөө жүргүзүү үчүн бардык аракетин жумшайт.

4.17. Карт-эсептин валютасынан айырмаланган валютада карттык операциялар жүргүзүлгөн учурда Банк конвертациялоо жүргүзөт жана карт-эсептен акча каражаттарын Банктын тарифтерине ылайык операция жүргүзүлгөн датага карата Банктын/Төлөм системасынын курсу боюнча Конвертациялоо схемасына ылайык жүргүзүлгөн карттык операциянын суммасына эквиваленттүү суммадагы Банктын сыйакыларын эске алуу менен эсептен чыгарат. Карт ээси ушул Келишимди түзүү менен Конвертациялоо схемасы менен тааныш экендигин тастыктайт жана андагы көрсөтүлгөн курстардын колдонулушуна макулдугун берет.

4.18. Кыргыз Республикасынын аймагындагы соода-тейлөө ишканаларында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө менен байланышкан бардык карттык операцичялар улуттук валютада жүргүзүлөт.

4.19. Тараптардын өзүнчө макулдашуусу боюнча Карт ээсине Банк менен түзүлгөн кредиттик келишимдин негизинде Кредиттик лимит берилиши мүмкүн.

4.20. Карт ээсинин карталары боюнча операциялар белгиленген лимиттердин, ошондой эле Банк-эквайердин лимитинин чегинде жүргүзүлөт.

4.21. Эгерде Банктын Тарифтеринде карт үчүн эсеп боюнча азайтылбаган калдык каралган болсо, анда Банк карт-эсептин Тариф менен бекитилген суммасын тосмолойт.

4.22. Карт-эсепке киргизилген (чегерилген) суммалар төлөмдүн багытынан көз карандысыз түрдө Кардардын карызын төмөнкү кезектүүлүктө жабууга багытталат:

- Карт-эсеп боюнча карызды жабуу (техникалык овердрафт, тейлөө үчүн комиссия ж.б.);
- Карт-эсеп боюнча азайтылбаган калдыкты Банктын тарифтеринде каралган суммага чейин толтуруу;
- Кардардын тескемеси боюнча операцияларды жүргүзүү.

4.23. Банк өзүнүн күнөөсү менен карт-эсеп боюнча катачылык менен жүргүзүлгөн операция үчүн жоопкерчилик тартат. Мындай учурда Банктын жоопкерчилиги катачылык менен жүргүзүлгөн операцияны жокко чыгаруу менен чектелет.

**4.24. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:**

- үчүнчү жактын Картты тейлөөдөн баш тартуусу үчүн;
- төлөм системасы менен картты тейлөө пунктунун ортосунда байланыштын жок болуп, жыйынтыгында операцияны аяктоо жөнүндө сурам Банкка келбей калгандыгы үчүн;
- Кардарга байланыштын ачык каналдары боюнча жөнөтүлүүчү маалыматтардын купуялуулугу үчүн, анын ичинде SMS-кабарлоо, e-mail, факстар ж.б., эгерде Кардар байланыштын ошол каналдары аркылуу сурам жүргүзсө же ошол байланыш каналдары аркылуу маалыматтарды жөнөтүү жөнүндө көрсөтмө берсе;
- карт-эсепке арест коюлган учурда транзакция жүргүзүүнүн мүмкүн болбогондугу үчүн;
- ушул Шарттардын 4.15.3. пунктуна ылайык транзакцияларды жүргүзүү мүмкүн эмес болгондугу үчүн;
- Карт боюнча сатылып алынган товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты үчүн;
- үчүнчү жак тараптан белгиленген, Кардардын кызыкчылыгына каршы келген карт боюнча лимиттер, чектөөлөр жана кошумча сыйакылар үчүн;
- Карт (негизги/кошумча) же PIN-код жоголгон/уурдалгандыгына байланыштуу карт АБТ байланыш каналдары аркылуу өз учурунда/тиешелүү түрдө тосмолонбогондуктан же Картты тосмолоо жөнүндө талап менен Банкка же БПБга Кардардын өз учурунда/талаптагыдай кайрылбагандыктан келип чыккан кесепеттер үчүн;
- Кардар өзү тарабынан дагы, ошондой эле Кардар Интернет аркылуу төлөмдөрду жүргүзгөн учурда, Картты талаптагыдай сактабаган учурда, Картка үчүнчү адамдар жеткиликтүүлүк алган учурда, жыйынтыгында үчүнчү жакта Карт жана/же Кардар тууралуу, Интернет аркылуу төлөмдөрдү Кардардын макулдугусуз жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү маалыматтар белгилүү болуп калган кайсы болбосун учурларда үчүнчү жак тараптан дагы Интернет жана МОТО

(почта же телефон аркылуу тапшырыктар) аркылуу кайсы болбосун операцияларды жүргүзүүдөн келип чыккан жагымсыз кесепеттер же чыгашалар үчүн;
- PIN-кодду киргизүү менен карт боюнча же контактсыз карт боюнча үчүнчү жактар тарабынан жүргүзүлгөн уруксатсыз операциялар үчүн;
- Тобокелдиги жогору болгон өлкөлөрдүн аймагында картты колдонуу менен жүргүзүлгөн алдамчылык операциялардын айынан келип чыккан жагымсыз кесепеттер же чыгашалар үчүн;
- Эрежелердин жана ушул Келишимдин шарттарын жана PIN -кодду колдонуу боюнча талаптар Карт ээси тарабынан бузлгандыктын натыйжасында келип чыккан кайсы болбосун жагымсыз кесепеттер үчүн;
- Карт ээси техникалык көйгөйлөргө байланыштуу, анын ичинде уюлдук байланыш операторунун күнөөсү боюнча, ошондой эле Банктын контролунан тышкары болгон башка учурларда «SMS-билдирүү» кызматын албай калгандыгы үчүн;
- Карт ээси тараптан укукка каршы келген аракеттер жасалган учурларда;
- Ушул Келишим жана Эрежелер тарабынан каралган башка учурларда.

**4.25.** ***Карт ээси төмөнкүлөр үчүн жоопту болуп саналат:***
- Карт же PIN-код жоголгондугуна же Карттын компрометацияланышына байланыштуу Картты тосмолоо жөнүндө Банкка же БПБга өз учурунда билдирбегендигинин кесепети үчүн;
- Карт ээсине банкомат тарабынан же Банк тарабынан катачылык менен же ашыкча чегерилген акча каражаттарын Банкка кайтарбагандыгы үчүн;
- Картты үчүнчү жактарга бергендиги жана ал үчүнчү жактардын жүргүзгөн операциялары үчүн;
- өзүнүн Карты боюнча шектүү жана алдамчылык операциялардын жүргүзүлгөндүгүн жашыргандыгы үчүн;
- операциялар Кардардын өзү тарабынан эмес, Кардар Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзгөн учурда, картты талаптагыдай сактабаган учурда, Картка үчүнчү жактар жеткиликтүүлүк алган учурда, жыйынтыгында үчүнчү жакта Карт жана/же Кардар тууралуу Интернет аркылуу төлөмдөрдү Кардардын макулдугусуз жүргүзүүгө мүмкүндүк берүүчү маалыматтар белгилүү болуп калган кайсы болбосун учурларда кайсы болбосун жак тарабынан жүргүзүлгөн болсо дагы Карттын жана/же Кардардын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн болгон кайсы болбосун бардык операциялар үчүн;
- Картты колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө акыркы жолу колдонгон карттын маалыматтарына жана/же Кардардын маалыматтарына үчүнчү жактардын мүмкүнчүлүктүү жеткиликтүүлүк алуусу менен байланыштуу болгон бардык тобокелдиктер үчүн, ошондой эле Карттын жана/же Кардардын маалыматтары белгилүү болгон үчүнчү жак тарабынан Интернет аркылуу жасалган кайсы болбосун төлөмдөр үчүн;
- Ушул Келишимдин жана Эрежелердин шарттарын талаптагыдай аткарбагандыгы же такыр аткарбагандыгы үчүн жана ошого байланыштуу кесепеттер үчүн толук өлчөмдө.

4.26. Карттын маалыматтарын жана/же Кардардын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөр үчүнчү жак тарабынан ишке ашырылгандыктын натыйжасында келип чыккан мүмкүнчүлүктүү жоготууларды, чыгашаларды, зыяндарды Кардар өзүнө алат жана ушуну менен ошондой учурларда Банкка дооматтарды койбостугуна кепилдик берет, анткени картты жана/же Кардардын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу жүргүзүлгөн төлөмдөрдү ишке ашыруу менен байланышкан мүмкүнчүлүктүү тобокелдиктер тууралуу Банк тарабынан алдын ала эскертилген. Ушуну менен Кардар Карттын маалыматтарын жана/же Кардардын маалыматтарын колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча техникалык мүмкүнчүлүктөрдү берүүнү өзү демилгелегендигин, ошондой эле картты колдонуу менен Интернет аркылуу төлөмдөр Кардардын өзү тарабынан дагы жана Кардар тарабынан ыйгарым укук берилген же берилбеген кайсы болбосун үчүнчү жактар тарабынан дагы төлөмдөр жүргүзүлгөн учурда Кардар үчүн келип чыгуусу мүмкүн болгон кесепеттер үчүн жоопкерчиликтен Банкты бошоторун таанып жана тастыктайт.

## 5-бап. Аралыктан банктык тейлөө (Интернет/Мобилдик банкинг)

5.1. Кардар тиешелүү арыз берген учурда Банк Кардарга ушул Келишим тарабынан каралган шарттарда Интернет/Мобилдик банкинг (мындан ары – АБТ) системасы аркылуу аралыктан банктык тейлөө каналдары менен тейлөө алуу кызматын сунуштайт.

5.2. АБТ каналдары аркылуу банктык тейлөө алкагында Банк Кардарга АБТ каналдары аркылуу банктык операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн сунуштайт, ага жеткиликтүүлүк бүткүл дүйнөлүк интернет тармагы аркылуу же жеке уюлдук телефондогу Интернет-Банкингге жеткиликтүүлүк алуу мүмкүндүгүн берүүчү мобилдик тиркеменин жардамы менен ишке

ашырылат.

5.3. АБТ каналдары аркылуу бардык банктык операциялар Банк тарабынан Кардардын тапшырыктары боюнча аткарылат, анын эсептешүү эсептерине жеткиликтүүлүк алуусу үчүн колдонуучунун аты, купуя белги, PIN -код жана башка жеткиликтүүлүк коддору (мындан ары биргелешип АБТга жеткиликтүүлүк Коду деп аталат) берилет

5.4. Тараптар Кардардын АБТ системасында АБТга жеткиликтүүлүк берүүчү Коддорду жана башка коддорду (эгерде операция жүргүзүү үчүн алар колдонулса) туура колдонуу менен операцияларды жүргүзүү жөнүндөгү тескемелери Кардар тарабынан берилген деп таанышат, ошондой эле алар юридикалык жактан Кардардан Кыргыз Республикасынын укуктук актыларына ылайык таризделген кагаз жүзүндөгү алынган тескемелерге теңдештирилет.

5.5. Арызга өз колу менен же АБТ аркылуу кол тамгасын коюу менен Кардар ушул Келишимдин, Системанын колдонуучусунун Нускаманын шарттары менен, банктын www.bakai.kg расмий сайтында жайгаштырылган Банктын АБТ кызмат көрсөтүүсүнө карата Тарифтери менен таанышкандыгын жана макул экендигин тастыктайт.

5.6. Кардар ушул Келишим жана Пайдалануучулардын Нускамасы тарабынан аныкталган тартипте идентификациялоодон жана аутентификациялоодон ийгиликтүү өткөн шартта кызматтар сунушталат.

5.7. Bakai24 АБТ продуктусунун алкагында иштөөдө Кардардын программалык камсыздоосуна карата азыркы учурдагы минималдык талаптар:

- Мобилдик операциялык системалар: Android v4.4 жана андан жогору, iOS v7.0 жана андан жогору;
- Интернет баяндоочулар: Internet Explorer 9 жана андан жогору, Google Chrome v44 жана андан жогору, Mozilla Firefox v44 жана андан жогору.

5.8. Бир жолку купуя белгини автоматтык түрдө окуу үчүн, ошондой эле транзакцияларды тастыктоо боюнча коддорду окуу үчүн АБТ Bakai24 системасынын алкагында Android ОС базасында Кардардан (Колдонуучудан) SMS билдирүүлөрдү окууга уруксат суралат.

5.9. Кардардын көрсөтмөлөрүн аткарууда жана электрондук документтери (мындан ары – ЭД) менен алмашууда Secure Socket Layer (SSL) протоколу боюнча берилүүчү маалыматты шифрлөөнү камсыздоочу программа Банк тарабынан колдонулат, ал маалыматтар менен алмашуу жүргүзүүчү тараптарды электрондук сертификаттардын негизинде идентификациялоого, берилүүчү маалыматтарды шифрлөө жүргүзүүгө жана маалыматтарды берүү процессинде маалыматтарды бурмалоо орун албай тургандыгын кепилдөө мүмкүндүгүн берет.

5.10. Кардар SSL протоколун Банк жана Кардар ортосунда документтерди берүүдө колдонулуучу маалыматты шифрлөөнүн жетиштүү жана мыйзамдуу усулу катары тааныйт.

5.11. Кардар Банк тарабынан кабыл алынган ЭД юридикалык жактан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык таризделген кагаз жүзүндөгү документтерди алган менен барабар экендигин тааныйт. Кардар Банкка ЭДди кагаз жүзүндөгү документтер менен бирдей деңгээлде колдонуу укугун берет, ошону менен бирге Кардар Банкка жөнөтүлгөн ЭДдин мазмуну үчүн толук жоопкерчилик алат.

5.12. Алдамчылык операцияларды болтурбоо боюнча тобкелдикерди азайтуу максатында Банк төмөнкүлөргө негизделген коргоо ыкмаларын колдонот:

- суммасы белгиленген лимиттен жогору болгон операцияларды OTP коду менен тастыктоого;
- SMS-билдирүү кызматы кошулган болсо, АБТ аркылуу жүргүзүлгөн ар бир операция жөнүндөгү маалыматты камтыган SMS-билдирүү жөнөтүүгө;
- суммасынан көз карандысыз түрдө ар бир банктар аралык которууларды OTP код менен тастыктоо.

5.13. АБТ системасына алгачкы кирүү, жеткиликтүүлүк шарттары жана анда иштөө тартиби, ошондой эле АБТ системасында ишке ашырууга мүмкүндүк болгон операциялардын тизмеси Колдонуучунун тиешелүү Нускамасында берилген, ал Нускама Банктын www.bakai.kg расмий веб-сайтында жайгаштырылган.

5.14. АБТ системасы тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтардын жана тарифтердин тизмеси жөнүндө билдирүү документтин жаңы редакциясынын электрондук версиясын Банктын www.bakai.kg расмий веб-сайтында жайгаштыруу аркылуу же Кардардын мобилдик түзүлүшүнө Push-билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу ишке ашырылат.

5.15. Кардар АБТ системасында катталгандан кийин Кардар системага кирүүсү үчүн ага SMS билдирүү аркылуу баштапкы купуя белги жөнөтүлөт, Кардар ал купуя белгини системага биринчи кирген учурда өзгөртүүсү керек.

5.16. АБТ системасына жеткиликтүүлүк бир гана түзүлүш (компьютер, уюлдук телефон,

планшет) аркылуу веб-браузер аркылуу сунушталат, башка түзүлүштүн веб-браузери аркылуу кайталап кирүүдө эски сессия жоюлат.

5.17. Кардар үчүн күнү-түнү бою жеткиликтүү, банк тарабынан техникалык жана/же профилактикалык иштер жүргүзүлгөн учурлардан тышкары.

5.18. Электрондук төлөм доументинин жөнөтүлгөндүгүн жана/же алынгандыгына тастыктоо электрондук формада АБТ системасынын иштөөсү алкагында, электрондук төлөм документи жөнөтүлгөндүгү жана/же алынгандыгы тууралуу билдирүүнү алуу жолу менен ишке ашырылат.

5.19. Колдонуучунун аккаунтунун тосмолонушуна алып келүүчү шарттар, факторлор, ошондой эле аккаунтту тосмодон чыгаруу үчүн жасалчу аракеттердин тартиби Колдонуучунун нусамасында берилген.

5.20. Купуя белгиге контролдун жоголушу өзүнө үчүнчү адамдарга анын ачыкталышы, жазылган купуя белгилердин уурдалышын, алардын уруксатсыз колдонулушун камтыйт. Контроль жоголгон бардык учур тууралуу Кардар Банкка жазуу формасында же байланыштын башка түрү аркылуу билдирет, андан кийин Банк Кардардын АБТ системасына болгон жеткиликтүүлүгүн тосмолойт. Кардар талаптагыдай идентификацияланган шартта Банк тосмолоо тууралуу оозеки билдирүүнү дагы кабыл алат.

5.21. Колдоо кызматынын телефондору жана электрондук даректери Банктын сайтында жана АБТ системасында жайгаштырылган.

***5.22. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:***

5.22.1. АБТ системасын колдонуу процессинде техникалык көйгөйлөр келип чыккан учурда акылга сыйарлык мөөнөт ичинде аларды чечтетүү боюнча бардык күчүн жана аракеттерин жумшоого. Ошону менен бирге Кардар Банкка доомат койгонго укугу жок жана техникалык көйгөйлөр чечтетилип жаткан мезгилде банктык операцияларды адаттагыдай ыкманы колдонуп, кагаз түрүндөгү алып жүрүүчүлөрдү колдонуу менен жүргүзүшү керек;

5.22.2. Кардардан тиешелүү талап келген учурда же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда ушул Келишим тарабынан каралган тартипте Кардардын эсебине жеткиликтүүлүктү токтоосуз тосмолоого;

5.22.3. Кардардын арызы боюнча АБТ системасына жеткиликтүүлүктүн жаңы кодун берүүгө;

5.22.4. Банктын сайтына билдирүү жайгаштыруу аркылуу же "Мобилдик банкинг" жана "Интернет банкинг" системасы, PUSH системасы аркылуу билдирүүлөрдү жөнөтүү аркылуу Кардарга АБТ системасына жеткиликтүүлүктү үзгүлтүккө учуратып, колдонууга тоскоолдук жаратышы мүмкүн болгон пландык техникалык иштер тууралуу билдирүүгө.

***5.23. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:***

5.23.1. Банктын операциялык залында, "Мобилдик банкинг" жана "Интернет банкинг" системасында жана Банктын www.bakai.kg расмий веб-сайтында, тиешелүү маалыматты жайгаштыруу менен өзүнүн каалоосу боюнча Тарифтерди, лимиттерди жана АБТ системасында тейлөө боюнча Банктын шарттарын бир тараптуу өзгөртүүгө.

5.23.2. АБТ системасында операция жүргүзүү учурунда көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Банктын комиссиясынын суммаларын Кардардын кайсы болбосун эсептеринен акцептсиз түрдө (Кардардын макулдугун же уруксатын албастан) эсептен чыгарууга, ошондой эле катачылык менен чегерилген суммалар орун алган учурда жана/же Кардардын эсебине (эсептерине) акча каражаттары катачылык менен чегерилген факт аныкталган учурда, ошондой эле ушул Келишим жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда Кардардын Банк алдындагы кайсы суммадагы болбосун карызын эсептен чыгарууга;

5.23.3. Кардар жүргүзүлүүчү операциянын реквизиттерин толук эмес (ката) көрсөткөн учурда, аны жүргүзүү мөөнөттөрү бузулганда, жүргүзүлүүчү операция КРдин колдонуудагы мыйзамдарына каршы келген учурда, ошондой эле операцияны жүргүзүү жана/же жүргүзүлүүчү операция үчүн Банктын комиссиясын төлөөгө эсептеги акча каражаттары жетишсиз болгон учурда АБТ системасында Кардардын операциясын жүргүүдөн баш тартууга;

5.23.4. Банктын пикири оюнча АБТ системасынын коопсуздук жол-жоболорун бузуу же бузуу аракеттери жүрүп жаткан болсо, Кардардын "Интернет- Банкинг" системасына жеткиликтүүлүгүн тосмолоого;

5.23.5. Программалык камсыздоону орнотуу же алмаштыруу жана/же профилактикалык иштерди жүргүзүү үчүн АБТ системасынын иштерин токтото турууга;

5.23.6. Төмөнкү учурларда Кардардын Интернет- Банкинг/Мобилдик банкинг системасына жеткиликтүүлүгүн токтоосуз түрдө жокко чыгарууга жана тыюу салууга:

1) ушул Келишим тарабынан каралган учурларда Кардардын оозеки жана жазуу түрүндөгү

сурамынын негизинде;
2) Кардардын эсептери жабылганда;
3) Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кардардын эсебине арест коюлганда/тосмолонгондо;
4) Кыргызской Республики; Кардар же Бенефициардык ээси террористтик ишке катышкандыгы, массалык кыргын салуучу курал жайылткандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык алынга маалымат бар болсо;
5) Кардардын эсеби боюнча операцияларга чектөө коюлганда;
6) Кардар тарабынан Bakai24 мобилдик банкинги аркылуу шектүү, алдамчылык же күмөндүү операциялар жүргүзлгөндүгү боюнча шектенүүлөр жаралганда;
7) Bakai24 мобилдик банкингине 6 айдан (180 календардык күндөн) ашык убакыт кирүү болбосо, мындай учурда кардарга алдын ала төмөнкүчө билдирилет:
    - Bakai24 мобилдик банкингине жеткиликтүүлүк жоюлганга чейин 7 календардык күн мурда PUSH билдирүү жөнөтүү;
    - Bakai24 мобилдик банкингине жеткиликтүүлүк жоюлганга чейин 3 календардык күн мурда PUSH билдирүү жана SMS-билдирүү жөнөтүү;
    - Bakai24 мобилдик банкингине жеткиликтүүлүк жоюлган күнү жеткиликтүүлүк жоюлгандыгы тууралуу SMS-билдирүү жөнөтүү;
8) Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

5.23.7. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана/же Банктын жоболору, эрежелери жана башка ички документтери тарабынан белгиленген талаптарды бузуу менен таризделген электрондук документтерди Кардардан аткарууга албоого;

5.23.8. эсепте акча каражаттары жетишсиз болгон учурда Кардардын эсеби боюнча операцияларды жүргүзбөөгө;

5.23.9. Төмөнкү учурларда АБТ системасын колдонуу менен Карадрды эсептик тейлөөнү токтотууга;

системалар менен иштөөдө техникалык бузулуулар келип чыкканда – алар четтетилгенге чейин,

- программалык камсыздоолор алмаштырылганда жана профилактикалык иштер жүргүзүлгөн учурда,

- ушул Келишимдм пайдалануу менен байланышкан талаш учурлар жаралганда – талаш чечилгенге чейин.

5.23.10. Банктын АБТ продуктуларын акырына чейин иштелип чыгуусуна/модификацияланышына жараша Кардардын программалык камсыздоосуна карата минималдык талаптарды бир тараптуу өзгөртүүгө.

***5.24. Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:***

5.24.1. Банктын АБТ системасы боюнча көрсөтүлгөн кызматтарын Тарифтерге ылайык төлөөгө;

5.24.2. Колдонуучунун атын, купуя белгини, PIN –кодду жана Интернет тармагы же мобилдик тиркеме аркылуу эспеке жеткиликтүүлүктүн башка коддорун (бар болсо) үчүнчү жактардан жашыруун сактоого. Ал маалымат башка жактарга берилген учур аныкталса, Банк Кардарды учурдагы каттоодон баш тартууга укуктуу жана ал жүргүзгөн операциялар үчүн жоопкерчилик тартпайт;

5.24.3. колдонуучунун аты, купуя белгиси, PIN -код жоголгон (уурдалган) учурда же эсеп боюнча АБТ системасын колдонуу менен Кардардын уруксатысыз операция жүргүзүлгөн учур аныкталганда, токтоосуз түрдө Банкка телефон аркылуу же жеке өзү системага жеткиликтүүлүктү тосмолоо талабы менен оозеки кайрылууга (Банкка Кардардын өздүгүн тастыктоочу атайын маалыматтарын билдирүү менен); оозеки билдиргенден кийин 3 банктык күндүн ичинде почта же факс аркылуу оозеки талаптын жазуу жүзүндөгү тастыктоосун бериши керек. Ошону менен бирге Банк болуп өткөн окуя тууралуу жазуу жүзүндө өз учурунда кабарланбаган болсо, Кардар Банкка каршы талаптарды койбоого макул;

5.24.4. Операция жүргүзүү учурунда бардык реквизиттердин ошондой эле которууларды алуучулардын реквизиттерининин туура толтурулгандыгын текшерүүгө;

5.24.5. Банк сурам кылган учурда керектүү документтерди берүүгө;

5.24.6. SMS-билдирүү жана/же Push-билдирүү аркылуу алынган бир жолку купуя белгини АБТ системасына киргизер алдында жүргүзүлүүчү операциянын реквизиттерин SMS-билдирүүдө же Push-билдирүүдө бир жолку купуя белгини камтыган реквизит менен милдеттүү түрдө салыштырып текшерүүгө. Жүргүзүлүүчү операциянын реквизиттерин SMS-билдирүүдө же Push-билдирүүдө бир жолку купуя белгини камтыган реквизит менен шайкеш келген учурда гана

жана жүргүзүлүүчү операция менен макул болгондо гана купуя белгини АБТ системасына киргизүүгө.

5.24.7. Бардык эсептердин абалын ар дайым текшерип турууга. Кардар анын эсебинде жүргүзүлгөн операцияга ошол операция жүргүзүлгөндөн кийинки жумуш күндүн ичинде каршылыгын билдирбесе, Кардар анын эсеби боюнча жүргүзүлгөн бардык чыгымдоо операциялары менен макул деп эсептелет жана анын эсебинен жүргүзүлгөн бардык төлөмдөр Кардардын уруксаты менен жүргүзүлгөн болуп саналат.

5.24.8. www.bakai.kg сайтында жайгаштырылган Колдонуучунун инструкциясынын талаптары менен таанышууга жана системаны аталган Нускамага ылайык келгендей пайдаланууга;

5.24.9. Коопсуздук эрежелерин АБТ колдонуучусунун инструкциясынын талаптарын сактоого, иштин ар бир сеансынан кийин системанын иштөөсү үчүн ачылган Интернет менен байланыштыруучу бардык сессиялардын жабылышын камсыздоого;

5.24.10. Төлөм жүргүзүү керек болгон учурда операция жүргүзүү үчүн жана Банктын Тарифтерине ылайык комиссиялык сыйакыны төлөө үчүн акча каражаттарынын жетиштүү суммасын камсыздоого.

***5.25. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:***

5.25.1. Ушул Келишим тарабынан каралган тартипте системага жеткиликтүүлүктү тосмолоо жөнүндө Банкка тескеме берүүгө;

5.25.2. Купуя белгини өзгөртүүгө;

5.25.3. Ушул Келишим тарабынан каралган тартипте системага жеткиликтүүлүктү тосмолонгон учурда АБТ системасына жеткиликтүүлүктүн жаңы коддорун алуу арызы менен Банкка кайрылууга.

***5.26. Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:***

– Кардардын жабдуусунун бузуктугуна жана/же байланыш каналдарында болгон үзгүлтүктөргө байланыштуу катачылыктар үчүн же Кардар АБТ системасына жеткиликтүүлүк ала албагандыгы үчүн;
– Кардардын жабдуусунун же Кардардын жабдуусунда сакталган маалыматтардын бузулгандыгы үчүн, Кардардын жеке компьютеринин, жеке уюлдук телефонунун программалык камсыздоосунун ар кандай вирустардын кирүү же башка бузуулар боюнча коопсуздугу үчүн;
– Кардардын банктык эсеби боюнча АБТ системасы аркылуу уруксатсыз жүргүзүлгөн төлөмдөр үчүн;
- Эгерде Кардарын эсебине арест коюлган болсо, Банкка аткаруу документтери же салытык төлөм талаптары берилген болсо же эсеп боюнча операциялар Кардар тарабынан ушул Келишимде жана/же Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарында каралган тартипте токтотулган болсо Карадардын эсеп боюнча тескемелеринин аткарылбагандыгы үчүн;
– ушул Банктык тейлөө шарттарында жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда Кардардын эсептери боюнча операциялар токтотулгандыгына байланыштуу операцияларды ишке ашыруу мүмкүн эмес болгондугу үчүн;
– “Интернет Банкинг” системасында үчүнчү жак (Интернетке жеткиликтүүлүк провайдери, уюлдук (радиотелефондук) байланыш ж.б.) каналдары тараптан камсыздалуучу, алардын жардамы менен тейлөө жүргүзүлүүчү каражаттар, продуктулар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн;
– Банк тараптан контролго алынбаган кырдаалда системага уруксатсыз жеткиликтүүлүк үчүнчү жакка берилгендиги үчүн
– Кардардын эсептерине үчүнчү жактар уруксатсыз жеткиликтүүлүккө ээ болгондугу үчүн жана Интернет Банкинг/Мобильный Банкинг аркылуу операциялардын жүргүзүлгөндүгү үчүн;
– Кардар колдонуучунун аты, купуя белгиси, PIN -код жоголгондугу (уурдалгандыгы) тууралуу, туура эмес жүргүзүлгөн операциялар жана “Интернет Банкинг” системасын колдонуу менен Кардардын эсебине уруксатсыз жеткиликтүүлүк алуу аракеттери (же жеткиликтүүлүк алынгандыгы) тууралуу Банкка өз учурунда билдирбегендигинин натыйжасында келип чыккан кесепеттер үчүн. Ошондой аракеттердин кесепетинен келип чыккан кайсы болбосун чыгашалар жана жоопкерчилик Кардардын эсебине жүктөлөт;
– Кардар системага жеткиликтүүлүк коду жоголгондугу, уурдалгандыгы тууралуу маалыматты

өз учурунда бербеген болсо, Кардардын атынан тескемелерди аткаргандыгы үчүн.

- Кардар электрондук почтасын жоготкондуктан же өзүнүн электрондук почтасына үчүнчү жактардын жеткиликтүүлүк алгандыгынан келип чыккан кесепеттер үчүн, ошондой эле элетрондук куту компрометация (колдонуу коопсуздугу жана коргоосу бузулган) болгон учурда.

***5.27. Кардар төмөнкүлөр үчүн жоопттуу болуп саналат:***

- төлөмдөрдүн туура тариздешиши үчүн, анын ичинде реквизиттердин, жөнөтүү ыкмасын (клиринг, гросс), валюталоо датасын жана башка маалыматтарды туура жана толук толтуруу үчүн;
- купуя белгиге болгон контролдун жоголуу кырдаалын болтурбоо үчүн.

5.28. Кардардын Банктын тигил же бул операция/бүтүм боюнча шарттары менен макулдугун тастыктоо менен АБТ системасы аркылуу Банк менен банктык операциялардын жана/же бүтүмдөрдүн ишке ашырылышы Кардардын Банк менен ошондой операция/бүтүм боюнча келишимдик мамилеге киргендиги (тиешелүү келишимди түзгөндүгү) болуп эсептелет.

5.29. Тараптар АБТ системасын колдонуу менен болгон операциялар жөнүндө машина жана электрондук алып жүрүүчүлөрдөгү маалыматтарды соттордо талаштарды чечүү үчүн далил катары таанууга макул.

## 6-бап. Жеке банктык сейфти ижарага алуу

6.1. Кардардын тиешелүү Арызынын негизинде Банк ага ушул Банктык тейлөө шарттарына ылайык жеке банктык сейфти (мындан ары – Сейф) колдонууга (ижарага) берет

6.2. Сейф Кардарга акча каражаттарын, баалуу кагаздарды, баалуу металлдарды, баалуу таштарды жана алардан жасалган буюмдарды, башка баалуулуктарды, документтерди ж.б. (мындан ары – Сейфте сакталуучулар) сактоо үчүн берилет.

6.3. Сейфте төмөнкүлөрдү сактоого тыюу салынат: ок атуучу, газ жана атылбас куралдарды; ок-дарыларды жана жарылгыч заттарды (жарылгыч түзүлүштөрдү), анын ичинде массалык кыргындоо куралын жасоо үчүн колдонулушу мүмкүн болгон илимий-техникалык технологияларды жана жабдууларды; баңги заттык, психотроптук, бактериологиялык заттарды, ошондой эле аларды жасоо үчүн жасалгаларды; күчтүү таасир этүүчү ууларды; тез күйүүчү, радиоактивдүү, ууландыруучу жана адамдын организмине жана курчап турган чөйрөгө терс таасирин тийгизүүчү башка заттарды; бузулууга жаткан же мителердин жайылышына өбөлгө түзгөн азык-түлүктөрдү жана башка заттарды; КРдин мыйзамдарына ылайык мамлекеттик чек ара аркылуу ташып кирүү/ташып чыгарууга тыюу салынган же жарандык жүгүртүмдөн алынып салынган заттарды.

6.4. Кардар Сейфти пайдалангандыгы үчүн келишим түзүлгөн күнгө карата колдонуудагы Банктын Тарифтерине ылайык ижара акысын төлөөгө милдеттүү, ижара акысы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- мөөнөт ичинде жеке Сейфти пайдалануу үчүн акыны;
- гарантиялык төгүмдү.

6.5. Гарантиялык төгүм Кардар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткаруусу үчүн төлөнөт. Гарантиялык төгүмдү эсепке алуу үчүн Банк өзүнчө эсеп ачат, Кардар ижара келишими боюнча милдеттенмелер токтогонго чейин ал эсепти тескөөгө алууга укугу жок.

6.6. Ушул Келишим боюнча ижара төлөмдөрү Кардар тарабынан бир учурда жана толук өлчөмдө Келишимге кол коюлган күнү төлөнөт.

6.7. Кардар ижара төлөмүн жана гарантиялык төгүмдү өзү каалагандай нак эмес же нак акча каражаттары менен төлөөгө укуктуу.

6.8. Келишим Кардардын демилгеси боюнча мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда мурда төлөнгөн ижара акысы кайтарылып берилбейт.

6.9. Кардар Банк алдындагы бардык карыздары толук жабылып, ачкыч кайтарылгандан кийин гарантиялык төлөм кайтарылууга жатат.

6.10. Ижара жана гарантиялык төгүм Кардар тарабынан киргизилген учурдан баштап ижара келишиминин аракеттенүү мөөнөтү аяктаганга чейин өзгөрүүсүз калат.

6.11. Эгерде Сейфти ижарага алуу келишиминин аракеттенүү мөөнөтү аяктаганга чейин Банк ижара төлөмүнүн же гарантиялык төгүмдүн тарифин өзгөртсө, анда Сейфти ижарага алуу келишиминин мөөнөтү Кардардын арызынын негизинде жаңы шарттарда узартылат.

6.12. Кардар ачкычты жоготуп алган болсо, Банкка ал тууралуу токтоосуз түрдө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенет.

6.13. Ачкыч жоголгон учурда Банк Кардардын өтүнүчү менен, анын катышуусунда Сейфти бузуп ачууга укуктуу.

6.14. Кардар Сейфтин ачкычын жоготсо жана/же кулпусун бузуп алса, Кардар аны калыбына келтирет. Кардар баш тартса, Банк Кардардын гарантиялык төгүмүнүн суммасынан кармап калуу жолу менен калыбына келтирет. Гарантиялык төгүм жетишсиз болгон учурда Кардар келтирилген зыяндын жабылбаган суммасын төлөөгө милдеттүү, Кардар баш тарткан учурда Банк карызды Кардардын Банктагы ачылган болбосун валютадагы кайсы болбосун эсептеринен акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга укуктуу.

6.15. Сейфти бузуп ачуу жана кулпуну алмаштыруу боюнча бардык чыгымдарды Кардар тартат. Ошол эле учурда Банктын тарифтери аркылуу белгиленген гарантиялык төгүм баштапкы абалындагы өлчөмгө чейин толтурулгандан кийин гана жаңы алмаштырылган кулпунун ачкычтары Кардарга берилет.

6.16. Сейфти ижарага алуу келишиминин аракеттенүү мөөнөтү аяктаган күндөн кечиктирбестен Кардар Сейфти оң жана талаптагыдай абалда бошотуу жөнүндөгү тил катка ылайык сейфти ажырагыс бөлүктөрү менен Банкка кайтарууга милдеттүү.

6.17. Төлөө мөөнөтүнөн кечиктирилген учурда Кардар карызды төлөгөндөн кийин гана сейфке жеткиликтүүлүк алат.

6.18. Кардар Сейфти бошотуу мөөнөтүн өткөргөн учурда ал Банктын төлөө күнүнө карата колдонуудагы суткалык тарифтерге жараша төлөйт.

6.19. Кардар Сейфтин ижара мөөнөтү аяктаган күнү келбесе, же ушул Келишим тарабынан каралган башка учурарда Банк өзүнө белгилүү болгон Кардардын телефону, факсы, электрондук почтасы аркылуу билдирүү жана издөө боюнча иш-чараларды жүргүзөт.

6.20. Кардар Сейфтин ижара мөөнөтү аяктагандан кийин 6 (алты) ай бою келбесе, Банк ички эрежелерге ылайык сейфти ачууга укуктуу. Сейфтеги сакталуучулар Сейф ачылган күндөн баштап санаганда 3 (үч) жыл мөөнөткө Банктын сактоочу жайына өткөрүлөт, Сейфтин ачылгандыгы жөнүндө Акт түзүлүп, анын атайын бөлүгүндө Сейфте сакталгандар Банк тарабынан сактоого кабыл алынгандыгы көрсөтүлөт

6.21. Кардар жок болгон мезгилде Сейфте сакталгандарды сактоо үчүн Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык төлөм алынат.

6.22. Кардар 3 (үч) жылдын ичинде келген учурда, Сейфтин кошумча ижарасы үчүн төлөө датасына карата колдонуудагы тарифтерге ылайык төлөгөн шартта, Сейфтеги сакталгандар Актынын негизинде Кардарга кайтарылып берилет.

6.23. Кардар 3 (үч) жылдын ичинде келбеген учурда, Сейфтеги сакталгандардын андан аркы тагдыры (сатып өткөрүү мөөнөтү, Банктын чыгымдарынын наркынын ордун толтуруу ж.б.) тууралуу маселе КРдин колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Банк тарабынан өз алдынча чечилет.

6.24. Кардар Сейфтин ижарасынын кошумча мөөнөтүн, Сейфти сактоо жана ачуу үчүн төлөмдөрдү төлөөдөн баш тарткан учурда Кардар карыздын суммасын толук жапканга чейин Банк Сейфтеги сакталгандарды Кардарга бербей коюуга укуктуу.

6.25. Сейфтин ижара мөөнөтү аяктагандан кийин, ошондой эле Кардар келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган/талаптагыдай аткарбаган учурда Банк Кардардын карызын гарантиялык төгүмдүн суммасынан кармап калууга укуктуу. Гарантиялык төгүмдүн суммасы жетишсиз болгон учурда Кардар кошумча төлөм жүргүзөт.

6.26. Кардар же Кардардын өкүлү өздүгүн тастыктоочу документин жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык талаптагыдай таризделген ишеним катты милдеттүү түрдө көрсөткөн шартта Сактоочу жайга киргизилет.

6.27. Сейфке түз жеткиликтүүлүк берүү Кардарларды тейлөөнүн бекитилген режимине ылайык ар бир жумуш күнү ишке ашырылат.

6.28. Ижара келишиминин мөөнөтү аяктагандан кийин Кардар Банкка Сейфтин оң абалдагы ачкычын өткөрүп берүүгө милдеттүү.

6.29. Ачкыч кайтарылган, ижара төлөмүнүн суммасы жана келтирилген чыгымдар толук бойдон жабылган, Кардар Банк алдында карызы жок болгон дата Сейфтин ижарасы аяктаган дата болуп саналат.

6.30. Ижарага алынган Сейфте сакталган мүлктүн сакталышын камсыздоо үчүн Банктын депозитарийинде видео байкоо жүргүзүлөт. Андан тышкары Банк коопсуздуктун бардык керектүү чараларын, анын ичинде өрткө каршы, санитардык жана башка коопсуздукту сактоону өзүнө алат.

6.31. Ижара аракеттенген мөөнөт ичинде Банктын кызматкерлери тарабынан сейфти Кардардын катышуучусуз ачуу төмөнкү учурларда жүргүзүлүшү мүмкүн:

- Сейфте тыюу салынган предметтер (буюмдар) сакталгандыгы боюнча анык белгилер пайда болгон учурда (жыт, добуш, титирөө ж.б.) Банк Сейфти өз алдынча ачууга укуктуу. Ошол эле учурда Банк Сейфте сакталгандарды алуу жүргүзүлө турган мөөнөттү көрсөтүп, Кардар менен байланышууга аракет жасайт. Кардар көрсөтүлгөн мөөнөттө келбеген учурда комиссия түзүп, тиешелүү Акт түзүү аркылуу Сейф Банк тарабынан ачылат.
- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте.

6.32. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган негиздер боюнча Кардарга билдирилбестен ачуу жүргүзүлгөн учурда Банк сейфте сакталгандардын сакталышы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

6.33. Сейф жайгашкан орун жайды сүрөткө жана видеого тартууга Кардарга тыюу салынат.

## 7-бап. Металл эсептери

7.1. Банк Кардардын арызынын негизинде баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүүсү үчүн Кардарга эки түрдөгү металл эсептерин ачат:

- баалуу металлдарды жеке белгилерин көрсөтпөстөн эсепке алуу үчүн, ошондой эле баалуу металлдарды тартуу жана жайгаштыруу үчүн Банк тарабынан ачылуучу жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсептери.
- жеке белгилерин (аталышы, баалуулуктардын саны, сынамы, өндүрүүчү, сериялык номери ж.б.) сактоо менен Банкка өткөрүлүп берилген баалуу металлдарды эсепке алуу үчүн арналган жооптуу сактоодогу металл эсептери.

**7.2. Жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсеби (мындан ары – ЖМЭ):**

7.2.1. ЖМЭ Банктын талап боюнча төлөнүүчү банктык аманат эсебине ээ болгон Кардарына ачылат.

7.2.2. ЖМЭ боюнча физикалык (нак) формадагы баалуу металлдарды чегерүүгө/берүүгө жол берилбейт.

7.2.3. Банк Кардардын ЖМЭсине башка кредиттик уюмдагы жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсептен чегерүүлөрдү жүргүзбөйт; Кардардын ЖМЭсинен баалуу металлдарды башка кредиттик уюмдагы жеке белгиси көрсөтүлбөгөн металл эсебине которууга жол берилбейт.

7.2.4. Кардар Банктан баалуу металлдарды сатып алган учурда Банк аны Карардын ЖМЭсине чегерет. Кардардын ЖМЭ операциялары боюнча курстук айырмачылыктан алынган кирешелеринен салык жана алымдар алынбайт.

7.2.5. Баалуу металлды сатып алуу-сатуу бүтүмдөрү жүргүзүлгөн учурда баалуу металлдарга рыноктук баанын өзгөрүшүнө, курстук айырмачылыктарга жана Банктын күнөөсүнөн тышкары келип чыккан жагымсыз кырдаалдарга байланыштуу чыгашалардын келип чыгуусу мүмкүн болгон тобокелдигин Кардар өзүнө алат. Мындай окуялар Кардардын ушул Келишим боюнча милдеттенмелерин аткарбай коюусу үчүн негиз болуп саналбайт. Кардар баалу металлдар рыногунда Инвестор катары өзүнүн укуктары, гарантиялары, инвестициялар менен байланышкан тобокелдиктер жөнүндө кабардар жана аталган тобокелдиктерди өзүнө алат.

7.2.6. Банк Кардарга баалуу металлды анын тапшырыгынын негизинде, операция жүргүзүлгөн учурда колдонулган Банктын ички (учурдагы) курсу боюнча сатат жана баалуу металлды Кардардын ЖМЭсине чегерет.

7.2.7. Банк Кардардан баалуу металлды анын тапшырыгынын негизинде, операция жүргүзүлгөн учурда колдонулган Банктын ички (учурдагы) курсу боюнча сатып алат жана акча каражаттарын Кардарын башка эсебине чегерет же аларды нак формада берет.

**7.3. Жооптуу сактоодогу металл эсеби (мындан ары – МЭ):**

7.3.1. Кардар Банк тарабынан бекитилген формага ылайык тиешелүү Арызды толтуруу менен МЭге баалуу металлдын тиешелүү түрүн киргизет, Арызда баалуу металлдын белгилери (аталышы, баалуулуктардын саны, сынамы, өндүрүүчү, сериялык номери ж.б.) милдеттүү түрдө көрсөтүлүшү керек.

7.3.2. Кардардын тапшырыгы менен МЭ боюнча баалуу металлдарды сатуу жүргүзүлүшү мүмкүн, бирок Кардар тарабынан киргизилген баалуу металлдар гана сатылышы мүмкүн.

7.3.3. МЭ боюнча кардардан сактоого алынган баалуу металлдарга пайыздар кошулуп эсептелбейт.

## 8-бап. Банктын тарифтери

8.1. Ушул Келишимдин алкагында кызматтарды көрсөтүүдө Банк Карадардан Банктын колдонуудагы тарифтерине, Банктын ыйгарым укуктуу адамдарынын убактылуу тескемелерине ылайык комиссия кармап калууну жүргүзөт.
8.2. Банктын тарифтери жөнүндө маалымат Банктын кеңселериндеги маалыматтык дубалдарда жана Банктын www.bakai.kg расмий интернет сайтында жайгаштырылат.
8.3. Банктык кызмат көрсөтүүлөр Кардардан төлөм анык түрдө качан алынгандыгынан көз карандысыз түрдө, кызмат көрсөтүлгөн датага карата колдонулган Тарифтерге ылайык төлөнөт.
8.4. Кардар Банкка өзүнүн эсебинен көрсөтүлгөн кызматтар үчүн акыны төлөө боюнча комиссиялардын суммасын биринчи кезекте акцептсиз тартипте эсептен чыгарууну тапшырат.
8.5. Банк Кардардын кандай болбосун эсептериндеги акча каражаттарын Кардарга көрсөтүлгөн кызматтарды төлөө үчүн колдонууга укуктуу. Мында, тиешелүү валютаны сатып алууну Банк тарабынан белгиленген курсу боюнча конвертациялоо менен. Кээ бир кызматтарды көрсөтүүдө тараптар төлөм жүргүзүүнүн башкача ыкмасын макулдаша алышат.
8.6. Банк кайсы болбосун банктык операцияларга жана бүтүмдөргө карата тарифтерди, лимиттерди жана шарттарды бир тараптуу өзгөртүүгө укуктуу. Мында, алдыда болуучу өзгөртүүлөр тууралуу маалымдоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан белгиленген мөөнөттү эске алуу менен Банктын кеңселериндеги маалыматтык дубалдарга жана Банктын www.bakai.kg расмий сайтына жайгаштыруу аркылуу Кардарга милдеттүү түрдө билдирилиши керек. Кардар Келишимдин өзгөрүүлөрү менен макул болбогон учурда ушул Банктык тейлөө шарттарынын 12-бапында каралган тартипте Келишимди бузууга укуктуу. Келишимдин жаңы редакциясы күчүнө киргенге чейин Банкка Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү Арыз келип түшпөсө, анда Кардар шарттардын өзгөртүлүшүнө макулдугун билдирген болуп эсептелет.

## 9-бап. Негизги шарттар

9.1. Кардар Банктын төмөнкү аракеттерди жасоосуна өз макулдугун берет:
– “Ишеним” Кредиттик бюросу ЖАКтан, ошондой эле зарыл болсо, башка кредиттик досье бюролорунан Кардар жөнүндө кредиттик маалыматты/кредиттик таржымалды/кредиттик отчетту сурам кылууга;
– финансылык-кредиттик уюмдар андан ары пайдалануусу үчүн кредиттик маалыматтын/кредиттик таржымалдын/кредиттик отчеттун, ушул келишим боюнча маалыматтын, анын ичинде Кардар жөнүндө жеке маалыматтын, Арызда көрсөтүлгөн кайсы болбосун башка маалыматтын Банк тарбынан “Ишеним” Кредиттик бюросу ЖАКка, ошондой эле зарыл болсо, башка кредиттик досье бюросуна берилишине;
– Кардар тарабынан ушул келишимдин шарттары бузулгандыгы жөнүндө маалыматтын “Ишеним” Кредиттик бюросу ЖАКка (башка кердиттик досье бюросуна) Банк тарабынан берилишине, ошондой эле ал маалыматтын бардыгы же бир бөлүгү “Ишеним” Кредиттик бюросу ЖАКтан (ошондой эле башка кердиттик досье бюролорунан) башка финансылык-кредиттик мекемелерге берилишине;
– мыйзамдардын талаптарына ылайык Кардардын эсептери (аманаттары), алынган кредиттери, ипотекалык кредиттери жөнүндө маалыматтардын, анын ичинде Кардар мамлекеттик адам, мамлекеттик кызматкер болуп саналса же алардын жакын тууганы болуп эсептелсе, ошол тууралуу дагы маалыматтардын мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдарына берилишине.
– Кардардын жеке маалыматтарынын (жүзүнүн сүрөтү, СИН/ПИН, фамилиясы, аты, атасынын аты, жынысы, туулган датасы, документтин номери, берилген датасы, аракеттенүү мөөнөтү, катталган дареги, жашаган дареги, үй-бүлөлүк абалы) Банк тарабынан алынышы, иштеп чыгуусу менен байланыштуу болгон жол-жоболорду жүзөгө ашыруу боюнча КР мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдарынан сурам кылууга/берүүгө. Мындай макулдук мөөнөтсүз болгондугуна байланыштуу, бул макулдук берүү Банк менен укуктук мамилелер орун алган кайсы болбосун мезгилде жарактуу болуп саналат.
– өзгөртүүлөр жана толуктоолор Банктын расмий сайтында жана/же Банктын кеңселеринде жайгаштырылган учурдан баштап, алар Кардар үчүн милдеттүү болуп саналат. Кардар Келишимдин өзгөрүүлөрү менен макул болбогон учурда ушул Банктык тейлөө шарттарынын 12-бапында каралган тартипте Келишимди бузуу жөнүндө Арызды берүү аркылуу Банкка жазуу жүзүндө билдирүү менен Келишимди бузууга укуктуу. Келишимдин жаңы редакциясы күчүнө киргенге чейин Банкка Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү Арыз келип түшпөсө, анда Кардар Келишимдин шарттардынын өзгөртүлүшүнө макулдугун билдирген болуп эсептелет.

– Кардардын жеке маалыматтары, банктык эсеби же төлөм карты, жүргүзүлгөн операциялар, белгиленген лимиттер жана чектөөлөр, төлөм картынын тосмолонушу ж.б. боюнча маалыматтар, ошондой эле ошону менен чектелбестен башка маалыматтар боюнча Кардар оозеки кайрылган учурда Банктын Байланыш-борбору менен Кардардын ортосундагы телефондук жана/же видео аркылуу сүйлөшүүлөр жазылышына. Банктын Байланыш-борбору менен Кардардын ортосундагы телефондук сүйлөшүүлөр Кардар Байланыш-борборго оозеки кайрылгандыгынын тастыктоосу болуп саналат.

– Кардардын жеке маалыматтары, жашаган/катталган жери, почталык дареги, электрондук почтасынын дареги, Кардардын телефон номери өзгөргөн учурда Кардар ал тууралуу токтоосуз түрдө Банкка жазуу/электрондук формада билдириши керек. Билдирбеген учурда Кардар Келишимдин жана/же Банктын Тарифтеринин өзгөргөндүгүн билей калгандыгынын натыйжасында келип чыгуучу бардык тобокелдиктерди өзүнө алат. Эгерде Кардар башкасын билдирбеген болсо, анын Арыздагы көрсөтүлгөн дареги почталык дарек болуп эсептелет. Банкка белгилүү акыркы дарек боюнча Кардарга жөнөтүлгөн бардык маалымат почта жөнөтүүлөрдүн жетүүсү үчүн каралган убакыт өткөндөн кийин Кардар тарабынан алынды деп эсептелет.

– Банк тарабынан сунушталган продуктунун түрүнөн көз карандысыз түрдө, банктык жаңы кызматтарга (келечекти иштелип чыгышы мүмкүн болгон) автоматтык түрдө кошулууга.

9.2. Кардар эсептин кредити боюнча дагы, дебети боюнча дагы ката жүргүзүлгөн бардык операциялар тууралуу, көчүрмөнү алган учурдан баштап 5 (беш) күндөн кечиктирбестен токтоосуз түрдө билдирүүгө милдеттүү, билдирбеген учурда негизсиз алынган каражаттарды пайдалангандыгы үчүн, жүгүртүүдөн каражаттардын алынгандыгы ж.б. үчүн айып пулдарды төлөө менен байланышкан жагымсыз кесепеттердин келип чыгуу тобокелдигин өзүнө алып калат.

9.3. Кардар жүргүзүлгөн операцияларга (эсептен чыгаруу, кайтаруу ж.б.), Эсептеги каражаттардын калдыгына талаптагыдай контролду өз алдынча жүргүзүүгө, ошондой эле Эсептин кредитине же дебетине катачылык менен жазылган суммалар тууралуу Эсеп боюнча көчүрмөнү алган учурдан баштап 5 (беш) жумуш күндүн ичинде Банкка билдирүүгө милдеттенет.

9.4. Кардар Банкка өткөрүлүп берилген документтерге киргизилген бардык өзгөрүүлөр тууралуу Банкка билдирүүгө жана ошондой өзгөртүүлөр киргизилген документтердин талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берүүгө, ошондой эле тараптардын келишим боюнча милдеттенмелерин аткаруусуна таасир этүүчү башка кырдаалдар тууралуу билдирүүгө милдеттүү.

9.5. Банк коопсуздукту сактоо, маркетингдик жана башка максаттарда Кардар жүргүзгөн операциялары тууралуу маалыматты жана башка маалыматты Кардар Банкка берген электрондук почта дарегине же SMS-билдирүүлөр/Push- билдирүүлөр түрүндө Кардардын уюлдук телефонуна же байланыштын башка каражаттарын колдонуу аркылуу жөнөтүүгө укуктуу, бул үчүн Банк үчүнчү жактардын кызматтарын пайдалана алат.

9.6. Кардар Банкта “маяналык долбоор”, “пенсионердин карты”, “социалдык төлөмдөр” ж.б. деп аталуучу, акча каражаттарын бир уюмдун өнөктөштөрүнө/кызматкерлерине/студенттерине автоматтык түрдө которуу боюнча Банктын долбоорлорунун катышуучусу болуп эсептелсе, ага акча каражаттарын эмгек акысын, стипендиясын же башка сыйакыларын белгилөө менен которуу үчүн, же Социалдык фонддон, Социалдык өнүктүрүү башкармалыгынан пенсияларды жана жөлөк пулдарды алуу үчүн, ошондой уюмга жана/же Социалдык фондго, Социалдык өнүктүрүү башкармалыгына ошондой эсеп боюнча жана ал оюнча акча каражаттарынын жүгүртүлүшү боюнча кайсы болбосун маалыматты, ошондой эле өзү тууралуу жана Банк алдында келип чыккан карызы тууралуу маалыматты, анын ичинде Кардар жогоруда көрсөтүлгөн долбоорлордун катышуучусу болгондугуна байланыштуу Банк тарабынан жөнөкөйлөтүлгөн тартипте берилген кредит боюнча карызы тууралуу маалыматты билдирүү укугун, ошондой эле ошондой уюмдар, Социалдык фонд, Социалдык өнүктүрүү башкармалыгы тарабынан Кардардын эсебине катачылык менен чегерилген акча каражаттарын ошондой уюмдардан, Социалдык фонддон, Социалдык өнүктүрүү башкармалыгынан келген каттарда көрсөтүлгөн өлчөмдөрдө, Кардардын кошумча макулдугусуз аларга кайтаруу жүргүзүү укугун Кардар ушуну менен Банкка ыйгарат.

9.7. Банктын төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпай тургандыгына Кардар макул:

- документтерди жасалмалоонун натыйжасында келип чыгуучу кесепеттер үчүн;
- Банк тарабынан операциялардын жүргүзүлүшү көз каранды болгон жалпы же жеке байланыш каражаттарынын бузулгандыгы, оң болбогондугу үчүн.

9.8. Жогоруда келтирилген себептер боюнча Банк Кардардын тескемелерин аткаргандыгы же аткарбагандыгы боюнча кайсы болбосун кесепеттер үчүн Кардар Банкка эч кандай доолорду же дооматтарды койбоого макул.

## 10-бап. Тараптардын жоопкерчилиги. Талаштарды жөнгө салуу

10.1. Келишимдин бир Тарабы Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбагандыктан же талаптагыдай аткарбагандыктан Келишимдин башка Тарабынын мүлктүк кызыкчылыгына же иштиктүү беделине доо кеткен болсо, ал келтирилген чыгашалардын ордун толук толтурууну талап кылууга укуктуу, укугу бузулган тарап өзүнүн укуктарын жана кызыкчылыктарын калыбына келтирүү үчүн тарткан чыгымдар (реалдуу чыгашалар) чыгашалар болуп эсептелет.

10.2. Банк төмөнкү учурларда Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтотууга жана/же ушул Келишимди бузууга, эсептерди жабууга, ошону менен бирге эсепти жүргүзүүнү жана тейлөөнү токтотууга укуктуу:

- Кардардын эсеби боюнча түшүнүксүз/шектүү операциянын/операциялардын жүргүзүлүшү жана Банк тарабынан сурам кылынган, операциялардын экономикалык жактан максатка ылайыктуулугун тастыктоочу документтер берилбесе. Ошол эле учурда Банк операциянын/операциялардын аткарылышынын кечиктирилишине же токтотулушуна байланыштуу Кардарга келтирилген чыгашалар үчүн эч кандай жоопкерчилик тартпайт (ошол шектенүүлөр тастыкталбаса дагы);
- жалган документтер берилген болсо;
- Кардарды идентификациялоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн тиешелүү документтерди Кардар бербесе;
- Кардардын санкциялык тизмеге киргизилгендиги жөнүндө маалыматтар бар болсо;
- Кардардын террористтик же экстремисттик ишке, массалык кыргындоочу курал жайылтууга, кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) катыштыгы бар экендиги тууралуу террористтик иштЬ каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу КР мыйзамдарына ылайык алынган маалыматтар бар болсо;
- террористтик иштЬ каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелерин жөнгө салуучу КР мыйзамдарында каралган башка учурларда. Кардар көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Банк алдындагы кандай түрдөгү болбосун карызын төлөбөгөн учурда Банк карыздын жалпы суммасын Кардардын Банктагы ачылган кайсы болбосун эсептеринен, кайсы болбосун валютада акцептсиз тартипте эсептен чыгарууга укуктуу.

10.3. Корреспонденттердин, субагенттердин жана башка агенттердин кандайдыр бир катачылыктары же туура эмес аракеттери үчүн, аны менен кошо корреспонденттер тарабынан төлөмдөрдүн аткарылбагандыгы үчүн Банк жоопкерчилик тартпайт. Кардар Банк менен анын банк корреспонденттеринин жана/же субагенттеринин ортосунда келишүүлөргө тиешелүү болгон маселелер боюнча, корреспонденттик эсептерди жүргүзүүнүн тартиби жана аларды тейлөөнүн тарифтери боюнча келишүүлөрдү кошо алгандагы маселелер боюнча Банкка эч кандай дооматтарды койбоого макул. Кардар себебин тактабастан туруп Кардардын төлөмдөрүн корреспонденттик эсеп боюнча жүргүзүүгө тыюу салынары жөнүндө Банктын нускамаларына өзүнүн макулдугун алдын ала берет.

10.4. Тараптар өрт, жер титирөө, электр энергиясынын берилишинин үзгүлтүккө учуроосу, байланыш каналдарындагы ири бузулуулар сыяктуу жана Тараптар контроль кыла албай турган каршы тура алгыс кырдаалдардын натыйжасында милдеттенмелерин жарым-жартылай же толук аткара албай калгандыктары үчүн Тараптар жоопкерчиликтен бошотулушат. Ошону менен бирге эгерде ушул Келишимдин шарттарына ылайык пайыздарды кошуп эсептөө караштырылган болсо, Тараптар кошуп эсептелген пайыздарды эске алуу менен бири-биринин алдында бардык карызды жабуу милдеттенмелеринен бошотулбайт.

10.5. Ушул Келишимдин шарттары менен чечүүгө мүмкүн эмес болгон, бирок ал боюнча тараптардын тикелей же кыйыр түрдөгү мамилелери келип чыккан, Келишимдин тараптарынын мүлктүк кызыкчылыктарын жана иштиктүү беделине таасир тийгизген маселелерди чечүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерин жана жоболорун жетекчиликке алышат.

10.6. Эгерде кандайдыр бир себептер менен ушул Келишим толук же жарым-жартылай күчүн жогото турган болсо, же ушул Келишимде тиешелүү шарттар көрсөтүлбөгөн болсо, анда Банктын ички эрежелеринин тиешелүү операцияларга тийиштүү болгон жоболору (азыркы дагы жана келечекте кабыл алынуучу дагы) колдонулат. Ички эрежелердин тиешелүү жоболору жок болгон учурда Кыргыз Республикасынын банктык операцияларды жөнгө салуучу мыйзамдары, ошондой эле эл аралык коомчулук тарабынан кабыл алынган банктык тажрыйба жана иштиктүү жүгүртүү салттары колдонулат.

10.7. Ушул Келишимдин шарттарын аткаруунун жүрүшүндө келип чыгышы мүмкүн болгон талаштарды тараптар сүйлөшүү жолу менен чечүүгө аракет кылышат.

10.8. Өз ара канааттандыраарлык чечимге келе алышпаган учурда тараптар талаш маселени Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте, Банктын Башкы кеңсеси жайгашкан жер боюнча сот аркылуу чечишет (Кыргыз Республикасынын процессуалдык мыйзамдары менен белгиленген өзгөчө соттуулукка жаткан талаштарга колдонулуучу учурлардан тышкары).

**11-бап. Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү жана аны бузуунун тартиби**

11.1. Ушул келишим Кардардан талаптагыдай тариздерген жана кол коюлган Арыз (кагаз же электрондук формада) Банк тарабынан алынган датадан баштап түзүлгөн болуп саналат, жана ал бузулганга, бардык эсептер жана мөөнөттүү депозиттер жабылганга, Сейфтер бошотулганга чейин аныкталбаган мөөнөт ичинде аракеттенет.

11.2. Кардар кайсы учурда болбосун, анын ичинде Келишимдин жана/же Тарифтердин шарттарына киргизилген өзгөртүүлөр менен макул болбогон учурда Келишимди бузууга, же болбосо бир же бир нече эсепти жабууга укуктуу, ал андай аракеттерди жасоо алдында өзүнүн ниети тууралуу Банк тарабынан белгиленген форма боюнча Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызын Банкка берүү аркылуу билдириши керек. Кардардын Банк алдында аткарылбаган милдеттери жок болгон шартта ушул Келишим Карадрдын демилгеси боюнча бузулушу мүмкүн. Кардар тарабынан бир же бир нече эсептин жабылышы бир эле эсеп ачык боюнча калган болсо, ушул Келишимдин токтотулушуна алып келбейт.

11.3. Төмөнкү учурларда Банк Кардардын эсеби боюнча операцияларды токтотууга жана/же ушул Келишимди бир тараптуу жабууга укуктуу:

– Кардарды же эсеп (эсептер) аркылуу операцияларды жүргүзүү боюнча анын мыйзамдуу өкүлүн идентификациялоо боюнча талаптарды аткаруу үчүн тиешелүү документтер Кардар тарабынан берилбесе;

– Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн керектүү болументтер Кардар тарабынан берилбесе;

– Кардар эсеп боюнча операцияларга карата жалган же түшүнүксүз баяндоолорду берип, жүргүзүлүүчү операциялардын мыйзамдуулугуна шектенүүлөрдүн жаралышына негиз пайда болсо, ошондой эле жалган (жасалма ж.б. документтер) же жараксыз документтер берген болсо;

– Кардар же бенефициардык ээси кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) жана/же террористтик ишке катыштыгы бар экендигин тууралуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык алынган маалымат бар болсо;

– Кардардын эсеби боюнча бир жыл бою операциялар жүргүзүлбөсө.

**Жеке маалыматтар субъектисинин анын жеке маалыматтарын жыйноого жана иштетүүгө бирдиктүү макулдук-арызы**

Мен____________________________________________________________

Кыргыз Республикасында ыйгарылган ПИН: _________________________________

Өзүгүн тастыктоочу документ: ______________________сериясы _________№__________

берилген:_______________________________________________________________

*(берилген датасы, берген органдын аталышы)*

Анык жашаган дареги: ____________________________________________________

______________________________________________________________________

Катталган дареги: _______________________________________________________

______________________________________________________________________

Байланыш телефону: __________________________эл.почта ______________________________

Толук түшүнүү мнен жана өз эрким менен төмөндө келитирлген маалыматтардын

1. Фамилясы, аты, атасынын аты (мурдагы фамилиясы, аты, атасынын аты, өзгөртүлгөн датасы, орду жана себеби),
2. Жашаган (турган) жеринин дареги
3. Байланыш телефонунун номери же байланыштын башка ыкмалары жөнүндөгү маалыматтар,
4. Өздүгүн тастыктоочу документтин түрү, сериясы, номери, аны берген орган, берилген дата.
5. Салык төлөөчүнүн идентификациялык номери,
6. Жеке камсыздандыруу эсеби, эмгекти төлөө фондун, милдеттүү түрдө пенсиялык камсыздандыруунун камсыздандыруу күбөлүгүнүн номерин/пенсиялык ишти көрсөтүү менен;
7. Кылмыш жообуна тартылгандыгы жөнүндөгү маалыматтар, соттолгон же соттолгон эмес экендиги жөнүндөгү маалыматтар,
8. Кыймылдуу/кыймылсыз мүлкү бар экендиги жөнүндө маалыматтар,
9. Салык боюнча карызы бар экендиги жөнүндө маалыматтар,
10. Кирешелери, чыгашалары, мүлк жана мүлктүк милдеттенмелер жөнүндө маалыматтар.

төмөнкүлөргө берелишине макулдугумду берем:

- КР ИИМ Маалыматтык технологиялар башкы башкармалыгына;
- КР Юстиция министрлиги алындагы Мамлекеттик каттоо кызматына (Кыргыз Республикасынын Юстиция министрилигинин алдындагы Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Транспорттук каражаттарды жана айдоочулук курамды каттоо департаментине, Калкты жана жарандык абалды каттоо департаментине, Кадастр жана кыймылсыз мүлккө карата укуктарды каттоо департаментине);
- КР Мамлекеттик салык кызматына;
- КР Социалдык фондуна;
- Кыргыз Республикасынын уюлдук операторлоруна («MEGA», «Beeline», «O!»);
- «Бакай Банк» ААКка.

❖ иштетилишине (жеке маалыматтарды сактоочунун (ээсинин) тапшырыгы менен же анын ыкмаларынан көз карандысыз түрдө, автоматтык каражаттар менен же аларсыз, жеке маалыматтарды жыйноо, жазуу, сактоо, актуалдаштыруу, топко бөлүү, тосмолоо, өчүрүү жана бузуу максатында);

❖ жеке маалыматтардын берилишине (жеке маалыматтар сактоочу (ээси) тарабынан үчүнчү

адамдарга “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү КР мыйзамына жана эл аралык келишимдерге ылайык);

❖ жеке маалыматтардын транс чек аралык берилишине (жеке маалыматтарды сактоочу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясындагы сактоочуларга берилиши);

Маалыматтарды алуу жана иштетүү төмөнкү максаттарда жасалат:

- банктык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу/пайдалануу үчүн;
- Банктан персоналдаштырылган маалыматтарды алуу үчүн;
- иштин сапатын жакшыртуу, жаңы сервистерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу үчүн

Ошондой эле,

Мен “БАКАЙ БАНК” ААКтын (мындан ары – Банк) Кардары катары кол коюучу____ ушуну менен кредиттик таржымалдарды түзүү жана ал маалыматтар менен фининсылык-кредиттик мекемелердин жана башка юридикалык жактардын/жеке адамдардын ортосунда алмашууларын жүргүзүүчү “Ишеним” Кредиттик бюросу” ЖАКтан мен жөнүндөгү маалыматтарды кредиттик тобокелдиктерди төмөндөтүү, кайра карыз алууларды болтурбоо, кредитти/займды/каржылоону карап чыгуу жана берүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү максатында Банктын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан алынышына жана/же берилишине макул экендигимди билдиремин. Андан тышкары, Кредиттик Комитеттин мүчөлөрүнө жана маселе каралып жаткан ошол Комитеттин отурумунда катышуучу башка адамдарга мен жөнүндөгү маалыматтардын Банк тарабынан берилишине каршы эмесмин.

Андай маалыматтарга Банктын кардары катары мен жөнүндөгү маалыматтар (жеке адамдын аты-жөнү/юридикалык жактын аталышы, жынысы, туулган датасы, жашаган/бизнес жүргүзгөн дареги жана ошого окшогон мурдагы даректери), кредиттер жөнүндө маалыматтар (кредиттин түрү, суммасы, субъекттин ролу, арыз берилген дата, төлөөлөрдүн таржымалы жөнүндөгү кенен маалыматтар, жабылбаган калдык, дефолттун суммасы жана ошол эсеп боюнча карыздын жалпы суммасы, кепилдик берүүчүлөр/гаранттар, күрөө берүүчүлөр, ошондой эле Маалымат сунуштоочулар алдында милдеттенмелери бар болгон же келип чыккан башка жактар жөнүндө маалыматтар ж.б. маалыматтар), кредиттер боюнча өз милдеттенмелеримди аткарбагандыгыма же талаптагыдай аткарбагандыгыма байланыштуу мага карата колдонулган чаралар жөнүндө маалыматтар, ошондой эле кердитти берүү жана жабуу процессинде документтерди кароо, тариздөө учурунда Банкка белгилүү болгон башка маалыматтар кирет.

Ошол эле учурда “БАКАЙ БАНК” ААК биз тараптан берилген бардык маалыматтардын купуялуу пайдаланылышына кепилдик берет.

Ошондой эле ушул документ “БАКАЙ БАНК” ААКтын кредит берүү боюнча милдеттенмелерин билдирет.

**Мен төмөнкүлөр менен таанышып чыктым:**

1. Ушул макулдук жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыган жеке маалыматтардын же документтердин КР мыйзамдары аркылуу белгиленген сактоо мөөнөтү аяктаганга чейин берилет.
2. Жеке маалыматтарды иштетүүгө макулдук субъекттин жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде артка чакыртылып алынышы мүмкүн. Ушул макулдук артка чакыртылып алынган учурда “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү” КР мыйзамынын 5 жана 15-беренелерине ылайык, жеке маалыматтарды иштетүү толук же жарым-жартылай уланышы мүмкүн.
3. Мен “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндөгү” КР мыйзамы менен, ошондой эле КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы №759 токтому менен бекитилген Жеке маалматтар субъектисинин жеке маалыматтарын топтоого жана иштетүүгө макулдугун алуу тартиби, Жеке маалыматтар субъекттерин алардын маалыматтарынын үчүнчү жакка берилишин билдирүүнүн тартибм менен таанышып чыккандыгымды тастыктайм.
4. Мен ушул Макулдук берүү арызында камтылган бардык маалыматтар толтурулуп жаткан учурда жарактуу экендигине кепилдик берем.

______ ____________________________ ___________________________

(датасы) (кол тамгасы)

(Аты-жөнү)